Эгемендигибиз – элдик мурас, улуу аманат!

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
29-августу

№65 (3721)

www.erkin-too.kg

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “КУМТӨР ДАГЫ 40-50 ЖЫЛ ӨЛКӨ КЫЗЫКЧЫЛЫГЫ ҮЧҮН ИШТЕЙ БЕРМЕКЧИ”



2-БЕТТЕ

## “Е-ДИПЛОМАТ” МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИ ТҮЗҮЛДҮ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу “Е-Дипломат” мамлекеттик мекемесин түздү. Тиешелүү токтомго Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кол койду.

Мекеме Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызмат органдарынын ишмердүүлүгүн уюштурууну жана техникалык жактан коштоону жүргүзөт. Ошондой эле санариптик инфраструктуранын жана маалыматтык системалардын иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылат.

## КЫРГЫЗСТАН–ГЕРМАНИЯ КЫЗМАТТАШТЫГЫ

Өтүп бара жаткан аптада Чолпон-Ата шаарында "Кыргызстандагы Германия экономикасынын күнү" аттуу кыргыз-герман бизнес-форуму жана кыргыз-герман Ишкерлер кеңешинин төртүнчү жыйыны өттү. Иш-чараларга Экономика жана коммерция министри Бакыт Сыдыков катышты. Ведомстводон маалымдашкандай, форум мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн, ишкерлерди жана Кыргызстан менен Германиянын бизнес-ассоциацияларын бириктирип, эки тараптуу өз ара кызматташтыктын келечегин талкуулай турган маанилүү аянтчага айланды. Анын алкагында экспорттук потенциалды кеңейтүү, ишкердик кызматташтыкты өнүктүрүү, биргелешкен энергетикалык долбоорлорду ишке ашыруу, жаңы экономикалык багыттарды илгерилетүү маселелерин камтыган панелдик сессиялар өттү.




"Эркин-Тоо" пресс


## БУЛ САНДА:



Мамасадык БАКИРОВ:

“ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК – КЫРГЫЗДЫН МАҢДАЙЫНА БҮТКӨН БАЙЛЫГЫ”

4-БЕТТЕ



ЖҮРӨККӨ 2000ДЕН АШУУН ТАТААЛ ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖАСАГАН КАЛДАРБЕК АБДРАМАНОВ

7-БЕТТЕ



Үсөн ТОКТОМАМБЕТОВ:

“7 АЙДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ МЕНЕН 12 МЛН СОМДОН АШЫК САЛЫК ЖЫЙНАЛДЫ”

24-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА



# “КУМТӨРДҮН” ЖАҢЫ ДООРУ БАШТАЛДЫ

***“Кумтөр” алтын кенинин мамлекеттин менчигине кайтарылышы – Кыргызстандын жаңылануу мезгилиндеги өзгөчө маанилүү окуяларынын бири болгон. Бул кадамдар ушул күндөрдө “Кумтөр” кенин элдин кызыкчылыгы үчүн гана иштөөгө алып келди.***

27-августта Ысык-Көл облусуна болгон жумушчу сапарынын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Кумтөр Голд Компани» ишканасында эң маанилүү долбоор, алтынды жер астынан казып алуу иштерин баштап берди.

«Кумтөр» кенинде мындан ары алтынды жер астынан казуу иштерин расмий түрдө баштадык. Кумтөрдө жер астынан алтын казуу долбоорунун ишке берилиши – бул айлана-чөйрөнү, бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган мөңгүлөрүбүздү сактап калуудагы эң маанилүү кадам», - деп баса белгиледи Мамлекет Башчысы.

Президент бул иш мындан 20 жыл мурда башталышы керек болчу деп, мурдагы коррупциялашкан чиновниктер алтын өндүрүүнүн алда канча арзаныраак, жеңилирээк ыкмасын тандап алууну эп көрүп, бардык мөңгүлөрдү талкалашканына токтолду.

Бүгүнкү күндө жер астын көздөй 1600 метрдей жер көзөлүп, туннель жасалып, Кумтөр курамы тоннасына 5 граммдан жогору болгон баалуу рудаларды алганы турат. Жер астынан алтын казуу долбоорунун иштөө мөөнөтү 17 жылга ылайыкталып, 147 тонна алтындын геологиялык запасы мамлекеттин балансына коюлду.

Кумтөрдө жер асты менен бирге мурда казылып келген карьерлерден ачык ыкма менен дагы алтын өндүрүлө берет. Бирок, акырындык менен жер астынан алтын казуу долбооруна артыкчылык берилет деп, «Кумтөрдүн келечеги алдыда, дагы 40-50 жыл өлкө кызыкчылыгы үчүн, элдин кызыкчылыгы үчүн иштей бермекчи», - деди Президент.

Президент “Кумтөр” кени 2021-жылдын май айынан бери 3 миллиард 445 миллион доллар киреше бергенин, салык жана башка төлөмдөрдөн 891,6 миллион доллар түшкөнүн, бул үч жылда 54 тоннадан ашык алтын өндүрүлгөнүн белгиледи.

Өлкө башчысы кирешелердин арты менен өлкөдө көптөгөн курулуштар жүрүп, экономикага да салым кошуп жатканын айтты. Мурда Кумтөрдү чет өлкөлүк компания иштеткен 28 жыл ичинде дивиденд түрүндө Кыргызстан болгону 100 млн доллар алган. Ал эми акыркы 3 жылда 441 млн доллар дивиденд алынган.



# “БАРСКООН – БЕДЕЛ” УНАА ЖОЛУ КУРУЛАТ

***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 27-августта Ысык-Көл облусундагы “Барскоон – Бедел” унаа жолун куруу долбоорун баштап берди.***

Мамлекет Башчысына унаа жол түндүктөн түштүккө карай Барскоон, Сөөк ашуулары, Кара-Сай өрөөнү жана Ашуу-Суу ашуусу аркылуу өтө турганы маалымдалды.

Сөөк ашуусу аркылуу жыл бою өтүүнү камсыз кылуу үчүн узундугу 5,5 км болгон туннель куруу пландаштырылууда. Кара-Сай аймагында эстакадалык көпүрө конструкциясы курулат. Ал эми кар көп жааган Ашуу-Суу ашуусунан өтүү үчүн узундугу 3,8 км болгон дагы бир туннель курулат.

Ири долбоорду ишке ашыруунун башталышына арналган салтанаттуу аземде Садыр Жапаров бул күн Кыргызстандын жаңы тарыхына маанилүү окуя катары кирерин баса белгиледи.

“2023-жылы Сиань шаарында өткөн “Кытай – Борбор Азия” саммитинде КЭР Төрагасы Си Цзиньпин менен жолугуп, “Бедел” долбоорун ишке ашыруу боюнча макулдашканбыз. Ошол күндөн тартып бул маселе менин жеке көзөмөлүмдө турат. “Барскоон–Бедел” жолун өз күчүбүзгө таянып, өз каражатыбызга куруп жатканыбызды өзгөчө белгилеп кетейин”, - деди Мамлекет Башчысы.

Президент көптөгөн сүйлөшүүлөр жүрүп, ар кандай каржылоо механизмдери сунушталганын билдирди. Жыйынтыгында “China Road and Bridge Corporation” компаниясы менен кызматташуу чечими кабыл алынган.

Макулдашууларга ылайык компания жол куруу боюнча негизги иштерди 2029-жылдын сентябрына чейин бүтүрүп, транспорт каражаттары үчүн кенен жүрө тургандай кылып магистралды ачып берет. Калган иштерди 2030-жылдын сентябрына чейин толук аяктап, жолду расмий түрдө эксплуатацияга өткөрөт.

Мамлекет Башчысы жолдун артыкчылыгы боюнча сандык маалыматтарга токтолуп, Кытайдын Ак-Суу шаарынан Кыргызстанга болгон каттам бир тарапка 500 чакырымга кыскарып, жүк ташуучулар үчүн кеминде 12 саат үнөмдөлө турганын белгиледи.

Эки тараптуу кыймылды эсептегенде айырма 1000 чакырымдан ашып, убакыт 24 саатка чейин кыскарат. Логистикада убакыт да, аралык да – эң башкы чечүүчү факторлор. Кыргызстан бул жолдун курулушу аркылуу айкын артыкчылыктарга ээ болуп, жаңы шарттарды түзүүгө жетишет, өлкөнү “регионалдык хабга” айлантууга жол ачмакчы.

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ЖАҢЫ ФОРМАТТА ИШТЕЙТ

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу парламенттин Аппаратынын жетекчилери, бөлүмдөрдүн, ошондой эле фракциялардын катчылыктарынын башчылары жана алардын орун басарлары менен жыйын өткөрдү.***

Жыйынга Төраганын орун басарлары Нурбек Сыдыгалиев, Нурланбек Азыгалиев жана Жылдыз Садырбаевалар катышты. Алгач Төрага Нурланбек Тургунбек уулу кезектеги сессия тууралуу сөз кылып, ага карата көрүлүп жаткан даярдыктар боюнча маалымат алды.

“Быйыл парламенттин имаратында көптөгөн оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, чоң жыйындар залы толугу менен жаңыланды. Ошондой эле Корея мамлекети менен жетишилген келишимге ылайык, жыйындардын жүрүшү санариптештирилип, заманбап техникалар менен жабдылууда. Бул Жогорку Кеңештин ишинин жаңы багытта, жаңы форматта иштөөсүнө өбөлгө түзүшү керек. Андыктан Аппарат кызматкерлери аталган маселеге астейдил көңүл бурушу кажет”, - деди Төрага. Андан тышкары, тармактык комитеттердин ишин күчтөндүрүү талабы коюлду.



# ТӨРАГАНЫН ИШ САПАРЫ

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу Жалал-Абад облусуна иш сапары менен барды.***

Алгач Төрага Кербен шаарына караштуу Өлөң-Булак айылында жайгашкан №55 К.Абдырахманов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин жаңы имаратынын ачылышына катышты. Жергиликтүү тургундар Нурланбек Тургунбек уулу депутат болуп шайланганда 1986-жылы курулган авариялык абалдагы мектепти жаңыртып берүү өтүнүчүн айтышкан. Ага ылайык, депутаттын демилгеси менен 2023-жылы 150 орундуу билим берүү жайынын курулушу башталып, долбоорго жалпы 38 млн сом жумшалган.

Төраганын Жалал-Абад облусундагы иш сапары Ала-Бука районунда уланып, Сафед-Булан айылындагы “Шах-Фазиль” мамлекеттик тарыхый-маданий корук музейинин дирекциясынын административдик имаратынын ачылыш аземине катышты. Эске салсак, имараттын курулушу 2023-жылы башталып, ага жалпы 27 млн сом бөлүнгөн.

Шах-Фазиль эстелиги архитектура жана көркөмдөлүшү жагынан өткөн доордун өрнөктүү мисалы эле эмес, ыйык жайлардын бири экенин белгилеген Нурланбек Тургунбек уулу күмбөзгө да зыярат кылып, куран окуду.

Иш сапарынын алкагында Төрага Ш.Жоробекова атындагы маданият үйүндө жүргүзүлгөн оңдоп-түзөө иштеринен кабар алды.

4,5 млн сомдон ашуун каражатка реконструкцияланган маданий жайды көрүп чыккан Төрага аталган тармакта жасалып жаткан иштерге учкай токтолуп: “Маданияты болбой эл болбойт. Андыктан, мамлекет тарабынан маданий жайларды курууга, эскилиги жеткендерин жаңылоого өзгөчө көңүл бурулууда. Бирок, аталган тармакты тейлеген министрликтен баштап, элеттеги маданий жайларга чейин толук реформа жүргүзүлүшү керек. Калыптанган ишти улантып кете берсек, тармактын ишин өнүктүрө албайбыз”, - деди.

Төраганын Ала-Бука районундагы иш сапары Өрүктү айылында уланып, А.Пирматов атындагы жаңы бала бакчанын ачылышына катышты. 90 орундуу бала бакчанын курулушуна жалпы 37 млн сомдон ашуун каражат жумшалган.

Төрага бала бакчадагы түзүлгөн шарт-жагдайды көрүп чыгып, андан соң жергиликтүү эл менен да жолугушту.

Сапардын жүрүшүндө Нурланбек Тургунбек уулу Шекафтар–Айры-Там унаа жолунда жүргүзүлүп жаткан оңдоп-түзөө иштеринен кабар алды. 10 чакырымды түзгөн аталган жолдун курулушуна республикалык бюджеттен 318 млн сом каралган. Учурда сел өтүүчү курулмалары жасалып, жээгин бекемдөө жана шагыл төгүү жумуштары жүрүүдө.

Иш сапар Айры-Там айыл аймагына караштуу Жаңы-Шаар айылында уланып, Төрага жергиликтүү мектептин жаңы имаратынын ачылышына катышты. 125 окуучуга ылайыкташкан билим берүү жайынын курулушуна жалпы 37 млн сомдон ашуун каражат жумшалган.

Төрага Нурланбек Тургунбек уулу мындай саамалыктар жалпы өлкө аймагында уланып жатканын белгилеп, акыркы учурда ишке ашырылып жаткан социалдык-инфраструктуралык долбоорлор тууралуу да сөз кылды.

Анын ичинен Ала-Бука аймагында бир катар бала бакчалар, мектептер салынып, жыл аягына чейин Шекафтар–Айры-Там унаа жолунун курулушу бүткөрүлөрүн кошумчалады.

**Даярдаган**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**








# ЭЛЕКТРОБУСТАРДЫ ТЕЙЛӨӨ БОРБОРУ АЧЫЛДЫ

***28-августта борбор калаадагы №1 жана №2 электробус тейлөөчү жана иштетүүчү парктын ачылыш аземи болуп өттү. Иш-чарага Президент Садыр Жапаров, шаар мэри Айбек Жунушалиев, район акимдери, шаардык кызматтардын жетекчилери катышты.***

Өлкө Башчы калаадагы аталган электробустарды кубаттоо жана тейлөө пункту реконструкциядан кийин расмий түрдө ачылып жатканын билдирди. “Борборубуздун тамыры – бул коомдук транспорттун байланышы. Анткени, күн сайын жүз миңдеген шаар тургундары жумушка барып, кайра үйүнө кайтуу үчүн коомдук транспортту пайдаланышат. Мамлекет борбор калаанын тургундарынын күнүмдүк сапарларын жакшыртуу жана ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн коомдук транспортту өнүктүрүүнү өзүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныктады. Акыркы 2 жылда биз газ менен жүрүүчү миңден ашык автобус сатып алдык. Бирок, бүгүнкү күндө транспорттук гана эмес, экологиялык көйгөйлөр да курчуп баратат. Шаардыктар үчүн коомдук транспортту жакшыртуу менен бирге таза аба дагы маанилүү. Мындай заманбап чечимдер – биздин келечек алдындагы жоопкерчилигибиз” деди Президент. №1 электробус тейлөөчү жана иштетүүчү парк 1951-жылы курулса, №2 электробус тейлөөчү жана иштетүүчү парк 1971-жылы курулган. Жарым кылымдан ашык убакыттын ичинде аталган жай жүздөгөн троллейбустарга баш паанек болуп, шаардагы коомдук транспорттун үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздап келген. Бирок, убакыттын өтүшү менен аларды жаңыртуу зарылдыгы жаралып, бүгүнкү күндө минтип эки парк тең толугу менен реконструкцияланды. Жалпы аянты 4,7 гектар аймакта 5860 чарчы метр имарат жаңыланып, инфратүзүм заманбап талаптарга ылайыкташтырылган. Бул жерден бир убакта 90 автобус, 60 электробус шаар ичине чыгарылып, шаар тургундарын тейлейт. 2-ДЕПО аймагында айдоочулар үчүн атайын спорттук инфратүзүм катары заманбап футболдук аянтча курулуп, алардын ден соолугун чыңдоосуна шарт түзүлгөн. 1-ДЕПО дагы жаңыртылып, жалпы аянты 3,5 гектар аймакты түзгөн аймакта 3659 чарчы метр имарат жаңылануууда. Бир убакта 70 автобус, 60 электробус тейленет. Ремонттук базада 6 тейлөө канавасы иштейт. Алардын имараттары оңдолуп, ичинде айдоочулар менен жумушчулар үчүн жуунуучу бөлмөлөр, дааратканалар, тамактануучу жайлар жана жыйын залдары жаңыртылып, ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Аны менен катар унаа жуугуч жайлары транспорттун дайымкы тазалыгын камсыздайт. Айтор, бул жай жөн гана база эмес, Бишкектин коомдук транспортун заманбап деңгээлге чыгарган долбоор.

“Дээрлик жарым кылымдан бери мында ремонт болботпур. Суу, жылытуу системаларын толук алмаштырып, имаратын толук жаңырттык. Бул иштерге 50 млн доллар акча каражаты каралган. Анын 25 млн доллары грант катары келсе, калганы насыя. Негизи буга чейин 142 троллейбус болсо, анын 100ү рейске чыкчу. Азыр 120 электробус келди. Бардыгы рейске чыгат. Ушул 2-ДЕПОдо 85 кубаттоочу жабдыктар орнотулду. Электробус 80ден ашуун жүргүнчүнү ташууга ылайыкташылып, бирөөнүн жүрүү мүмкүнчүлүгү 280 чакырымдан 320 чакырымга жетет. 12 метрлик электробустардын 3 эшиги жана мүздаткычы бар. Майыптыгы бар адамдарга, жаш балалуу коляска сүйрөгөн энелер үчүн да толук шарты бар. Мындай электробустарды дагы алып келүү ниетибиз бар. Азырынча сүйлөшүп жатабыз. Биз кыска 7 метрлик электробустарга көңүл буруп жатабыз. Алар шаар четиндеги жаңы конуштарга кызмат көрсөтүүгө ылайыктуу болууда” дейт калаа башчысы Айбек Жунушалиев.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

---

***Ушул аптада Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев өлкөнү 2025-2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча республикалык штабдын жыйынын өткөрдү.***




# КЫШТАГЫ ЫШ МАСЕЛЕСИ ЧЕЧИЛДИБИ?

Жыйынга министрликтердин, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жетекчилери, Президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана өлкөнүн аймактарындагы энергетика ишканаларынын жетекчилери видео-конференция форматында катышты.

Талкуунун негизги темасы, суу сактагычтардагы, тактап айтканда Токтогул суу сактагычындагы суунун кору, керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен камсыздоо Бишкек жана Ош шаарларындагы жылуулук менен камсыздоочу муниципалдык ишканалардын даярдыгы болду. Алсак, акыркы көрсөткүчтөргө караганда учурда Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 11,03 млрд метр$^3$ деп белгиленген. Бул былтыркы көрсөткүчтөн аз, бирок адистер суунун агымы өзгөрүшү мүмкүн экенин белгилешип, коркунуч жок экендигин айтышууда. Андыктан, маселе күн тартибинде негизги темалардын бири болду.

Муну менен катар көмүр ташуу жана базалардын даярдыгы боюнча маалымат берилди. Анда Бишкек Жылуулук электр борборунда 250,4 миң тонна көмүр жана 3,9 миң тонна мазут бар экендиги айтылды. Кыскасы, кышка камылга көрүүдө Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары энергетика объектилериндеги оңдоо жана реконструкциялоо иштерин өз убагында бүткөрүүнү жана кыш мезгилинде үзгүлтүксүз иштөө үчүн отун сатып алууну камсыз кылууну тапшырып, бардык маселелерди өз убагында аткаруу милдетин койду. Айрыкча Саламаттык сактоо, социалдык жана билим берүү мекемелерин отун менен камсыз кылууга көңүл бөлүү тапшырмасы берилди. Калкты көмүр менен камсыздоодо жеткиликтүү баа болуусу керектиги да айтылды.

Өкмөт ошентип, кышка камылга маселелерин 1-октябрга чейин аяктоону максат кылды. Ал эми адистер муну менен катар ири шаарларыбызда буга чейинки күз жана кыш айларында орун алып келе жаткан ыш маселесине да көңүл буруу зарыл экендигин эскертишти.

Расмий маалыматтарга караганда Кыргызстанда атмосферага газдын чыгышынын деңгээли азайганы маалым. 2024-жылдан тарта Бишкек шаарында атмосферага зыяндуу заттардын чыгышы төмөндөгөнүн ӨКМдин алдындагы Гидрометеорология кызматынын өкүлү Айгерим Жусупова Бишкекте өткөн маалымат жыйынында билдирди. Мындай жыйынтыкка автоунаалардан чыккан зыяндуу заттардын азайышы себеп болду деп айтылды отчётто.

Буга чейин Азия өнүктүрүү банкынын “Бишкек шаарындагы абанын булганышына каршы күрөшүү” аналитикалык баяндамасында абанын булганышынын негизги булагы болуп турак жайларда колдонулган көмүр эсептеле турганы айтылып келген. Андыктан, Өкмөт Бишкек шаарындагы отканалардын көбүн газга өткөрүүгө жетишкен. От казандарды газга өткөрүү менен катар калк жашаган пункттарды газдаштырууу активдүү жүрүп, былтыр кышында ыш көйгөйү салыштырмалуу азайганы айтылган. Мындан тышкары бийлик баш калаадагы ТЭЦти газга өткөрүүнү көздөп жатканы маалым болду.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

КҮНДҮН ТЕМАСЫ



# КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАСЫНЫН ФЕНОМЕНИ

***2025-жылдын жети айынын жыйынтыгы менен Кыргызстандын ички дүң продукциясы (ИДП) 865,2 млрд сом болуп, 11,5%га көбөйгөнүнөн улам, биздин өлкөбүздүн ИДПсынын өсүү темпи боюнча Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттердин арасында биринчи орунга чыкканын расмий булактар билдиришти. Жыл башынан бери өнөр жайы – 11,4%га, фармацевтика 2,4 эсеге, тамак-аш азыктарын өндүрүү – 49%га, химиялык продукция – 29,3%га, мунайзат продуктулары – 5,8%га, кен казуу – 14,6%га, курулуш сектору – 37,8%га, тейлөө чөйрөсү – 9,8%га, айыл чарбасы – 2,3%га өсүп, негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 141,9 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 33,4% өсүшкө жеткен. Инвестициялардын өсүшү, биринчи кезекте ички каржылоо булактарынын 52,2%га көбөйүшүнүн эсебинен камсыз болгон. Демек, бул көрүнүш улуттук финансылык базанын чыңдалышын көрсөтүп турат.***

ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн ИДПсынын өсүү темпин салыштыра турган болсок, жети ай ичинде Казакстанда – 6,3%, Арменияда – 6,3%, Беларусь – 2,1%, Россия – 1,2% өсүш болгон. Акыркы үч мамлекетте бул көрсөткүч алты айдын жыйынтыгы менен алынганын эскерте кетели.

Акыркы үч жылда Кыргызстан экономикалык жактан өсүш боюнча Борбордук Азия чөлкөмүндө өзгөчө феномен жаратканын ММКлар жаза баштады. Буга дүйнөлүк банктын 2025-жылдын мартында жарыяланган экономикалык баяндамасы дагы далил боло алат. Анда өлкө өзүнүн эгемендүүлүк тарыхында болуп көрбөгөндөй туруктуу жана динамикалуу өнүгүү мезгилин башынан кечирип жатканын баса белгилейт. Тагыраак айтканда, ИДПнын өсүү темпи акыркы үч жылдын ичинде 8%дан ашык көрсөткүчтү камсыз кылып келгени постсоветтик өлкөлөр арасында уникалдуу көрүнүш катары сыпатталууда.

Жакында эле Чолпон-Ата шаарында өткөн VII Кыргыз-Россия экономикалык форумунун катышуучуларына кайрылуусунда Президент Садыр Жапаров Кыргыз Республикасы көрсөткөн туруктуу экономикалык өсүш 2022-жылдан бери жылына орто эсеп менен 9%ды түзөрүн баса белгилеп, бул көрсөткүч республиканын КМШ жана ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн арасында лидерлик позицияны камсыздаганын айткан эле.

Эксперттер бул өсүштү азыртан эле максаттуу реформалар жана туруктуу мамлекеттик саясаттын аркасында тез өнүгүүгө жетишкен өлкөлөр – «Азия жолборсторунун» модели менен салыштырып жатышат. 1960-жылдардын башынан 1990-жылдардын финансылык кризисине чейин экономикалык өсүштүн өтө жогорку темптерин көрсөткөн Түштүк Кореянын, Сингапурдун, Гонконгдун жана Тайвандын экономикасы жылына 5-8% туруктуу өсүшкө жетишкен. Бир кезде мурдагы Президент Аскар Акаев “Азиянын жолбосторун” мисал кылып, бир топ кыялдарга батканы менен өлкөнү карызга батырып, коррупциядан арыла албай, акыры бийлигин таштап качып кетүүгө аргасыз болгон. Бирок, азыркы бийликтин экономикалык көрсөткүчү кошуна өлкөлөрдүн эксперттерин дагы ынандырып, өнүгүүгө карата багытыбыз ишенимдүү жолго түшкөнүн айтышууда. Ошондой эле “Азиянын жолборсторунун” өнүгүү темпи миф эмес экенин Кыргызстан далилдеп жатат.

Дүйнөлүк банктын “Ишкердик, технология жана инновациялар аркылуу өнүгүүнү тездетүү” деген баяндамасына назар сала турган болсок, Кыргызстан көп кирешелүү адамдардын өлкөсүнө айланышы үчүн 70 жыл керек дешет. Тагыраак айтканда, Кыргызстандын калкынын орточо кирешеси 14 миң 5 долларга жетиши үчүн бир адамдын өмүрүнө тете мезгилди карытышыбыз керек экен. Бул тизмеде Украина жана Беларусь Кыргызстан менен бир катарда жайгашып калыптыр. Ал эми Казакстан менен Түркмөнстанга 40 жыл, Тажикстан менен Өзбекстанга 100 жыл деп белгиленген. Бул божомол 2019-жылга чейинки акыркы он жылдык статистиканы камтыйт. Эгерде COVID-19, дүйнөлүк экономикалык кризис, Украинадагы бүгүнкү согуштук кырдаалды эске ала турган болсок, Дүйнөлүк банктын божомолу таптакыр дал келбей калышы мүмкүн. Кыргызстандагы 8-10 пайызды камсыз кылган туруктуу өнүгүү 2021-жылдан бери жүзөгө ашырылып келатканын эске салсак, абройлуу банктын көз карашы дагы өзгөрмөк деп ойлоймун. Ошол эле учурда, Дүйнөлүк банктын баяндамасында соңку жылдары көпчүлүк өлкөлөрдө ИДПнын көлөмү түшүп кеткенин, бирок бул тармактагы оң көрүнүш Кыргызстан менен Түндүк Македонияда байкалганын моюнга алышат.

Кыргызстан акыркы төрт жылда экономикалык өнүгүү багытын түп тамырынан бери өзгөрттү десек туура болот. Эң башкысы, масштабдуу реформалар жүрө баштады. Союздан алган мүлктү ПЕСАК сыяктуу жана башка талап-тономой долбоордун алкагында мыйзамсыз менчиктештирилип кеткен миңдеген объектилер, имараттар, жерлер мамлекетке кайтарылууда. Коррупцияга каршы аёосуз күрөш жүрүп жатат. Уюшкан кылмыштуу топтордун тамыры кыркылууда. Айтор, мамлекет өз экономикасынын кожоюну катары максаттуу ишти колго алды. Кошуналар менен мамилелер жакшырып, эл аралык алакадагы саясат жогорку деңгээлге чыкты. Мына ушунун баары экономикалык жактан өнүгүүгө өбөлгө түздү.

Кандай айткан менен Кыргыз-Россия кызматташуусу өз жемишин берүүдө. 2024-жылы өз ара соода жүгүртүүнүн темпи 25%га өсүп, 3,9 млрд сомдук рекорддук көрсөткүчкө жеткенин Президент Садыр Жапаров билдирген. Ошондой эле Кыргызстанда өндүрүлгөн продукциялар Россияга экспорттолуп, өсүү +40%га жетиптир. Дагы бир уникалдуу көрүнүш, Кыргызстан ЕАЭБге расмий түрдө мүчө болушунун натыйжасында өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү кескин өзгөрдү. Тактап айтканда, он жылдын аралыгында ИДП дээрлик төрт эсеге – 2024-жылы 400 миллиарддан 1,5 триллион сомго чейин өстү. ЕАЭБ өлкөлөрүнөн келген чет элдик инвестициянын көлөмү 2,8 эсеге, ал эми биримдик өлкөлөрүнө экспорт төрт эсеге өсүп, 1,7 миллиард долларга жетти. Биримдик боюнча өнөктөштөр менен соода жүгүртүү 5,5 миллиард доллардан ашты, өнөр жай, агрардык сектор жана логистика тармагында биргелешкен долбоорлордун үлүшү кыйла өстү.

Демек, экономикалык уюмдарга мүчө болуунун артыкчылыгын туура пайдалануу, эл аралык дипломатиянын мыкты үлгүсүн көрсөтүү, өлкөдө темирдей тартипти орнотуу, ийкемдүү мамлекеттик башкарууну түзүү аркылуу өнүгүү жолуна түшүүнүн өзү, кыргыз экономикасынын феномени деп түшүнүүгө болот го.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

МААРАКЕГЕ КАРАЙ

## КР Соода-өнөр жай палатасынын вице-президенти Мамасадык БАКИРОВ:

# “ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КЫРГЫЗДЫН МАҢДАЙЫНА БҮТКӨН БАЙЛЫГЫ БОЛДУ”

***Өлкөбүз эгемендүүлүктүн энчисин алганына 34 жылга аяк басып, маарекелик майрамга карай ушул күндөрү зор камылгалар болууда. Жакшы менен жаманы, оош-кыйышы көп, далай сыноолорго кептелген 34 жылдык жол эгемендикти башынан кечирген өлкө тарыхы үчүн оңойго турган жок. Биз майрам алдында бул жылдар аралыгында саясий карьерасы ыраатуулук менен өсүп, бүгүн тажрыйбалуу мамлекетчил инсанга айланган Ош облусунун мурдагы губернатору, бир катар жогорку мартабалуу кызматтарды аркалаган Мамасадык Сабировичти азын-оолак кепке тарттык.***



**- Мамасадык Сабирович, өлкө үчүн оңойго турбаган эгемендүүлүктүн 34 жылдык маарекесин белгилөөнүн алдында турабыз. Биз билгенден сиздин саясий карьералык жолуңуздун өргө карай өрүш алышы да дал ушул эгемен мамлекеттүүлүгүбүздүн түптөлүшүнө арналган жылдарга туш келди. Артка кылчайып, 34 жылдык убакытка кандай сереп салаар элеңиз? Бул жылдар Кыргызстан үчүн бошко кеткен убакыт болгон жокпу?**

- Бир беткей эле убакыттын бардыгы бошко кетти деп айта албайм. Өз алдынча кайра курууну баштан кечирген Кыргызстандын тарыхында бул жылдар бир нече оош-кыйыш этаптар менен коштолду. Жакшы менен жаманы, ак менен карасы болду дегендей. Колубузда асмандан түшкөн “сыйкыр таяк” болбогон соң алгачкы жылдар анығында оор болду. Анын бардыгына, аки-чүкүсүнө чейин майдаланып токтолбой эле коёюн. “Өз алдынча эгемендүүлүккө жетиштик” деген мекендештерибиз тебетейин көккө ыргытып сүйүнгөндөрү менен алгачкы жылдардагы агрардык жер реформасы, экономикалык татаал абал, мамлекеттүүлүгүбүзгө оор жагдай жараткан чырлуу чек ара көйгөйлөрү (ал көйгөйлөргө бүгүн араң чекит коюлду), Ош жана Баткен окуялары, ички анча-мынча чыр-чатактарды эске албаганда да бир эмес үч ирет өлкөбүзгө олку-солкулук жараткан төңкөрүштөр, Кыргызстан деген кемебизди чайпалтууга ашык болушкан айрым тышкы күчтөрдүн тымызын “таттуу тилектери”, ырынан чыры бүтпөгөн ызы-чуулуу чоң саясий “оюндар”, ички-тышкы миграциянын чектен тыш күч алышы, криминалдын баш көтөрүп, өлкө ичиндеги өзүнчө мафияга айланышы, айтор, санап отурсаң бул жылдар аралыгы чындыгында тарыхый оор окуялар менен коштолуп турду. Кээде карап туруп биз, кыргыздар Кудайдын ушунчалык сүйгөн пендеси окшойбуз деп ойлонуп кетем. Болбосо, дүйнөдөгү айрым элдердин жашоо-турмушу кыргызча айтканда майкөл-сүткөл болгону менен эгемендүү эли-жери жок, ар кайсы жерде жер кезип, эл кезип, күн карамалыктын туткунунан бошоно албай келишет. А биз жогорудагыдай катар-катар кыйынчылыктарды баштан кечиргенибиз менен эң башкысы – эгемендүүлүк деген эң чоң энчиге ээ болдук. Кандай гана оор соккуларга карабастан элибиз бул жылдар аралыгында чайпалбады. Мунун бардыгын бир сөз менен гезит бетине сыйдыруу мүмкүн эмес. Биз бүгүн ушуга канием кылышыбыз керек. Кайпактатпай кептин түз маанисинде алганда бизге бүгүнкүдөй өнүгүү жөн-жөн келген жок. Азыркы жаштарды эске албаганда, бул жагын ар бир кыргызстандык өз жон-териси менен сезгендей болду. Буга дагы кошумчалаар сөз, өлкөбүздүн эгемендүүлүк тарыхын, андагы оош-кыйыш жагдайларды бүгүнкү жаштарыбыздын аң-сезимине кыттай уютуп, аларга бүгүнкүдөй жеңил-желпи жашоо оңой келбегендигин түшүндүрүп, жан дүйнөлөрүнө сиңириш керек деп эсептейм.

**- А бүгүнчү? 34 жылдык оор жолду баскан Кыргызстан эми араң “ө-өх” деп, тынч жол менен өнүгүүгө карай бет алды деп айтууга болобу? Же бизге азырынча бул жагы дагы деле эртелик кылабы?**

- Эми-эми өнүгүү жолубузга түшкөндө “өх деп отурушка дагы деле эртелик кылбайбы?” – дегендей санаркоолорду токтотуу керек. Себеби, бийлик башындагылардын соңку кездеги “өлкөбүздү колу туткак жемкорлордон, чыканагына чейин канга малынган криминалдардан, абийирсиз сот-прокурорлордон тазалайлы” деген чын ниеттеги жүрүштөрү алкоого гана татыйт. Башкасын айтпаганда да бүгүн он миңдеген жаштарыбыз мамлекет тарабынан ипотекалык жол менен өздүк турак жайга ээ болушууда. Алар мындай күндү дал ошол өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болгондон бери эңсеп келишкен. Жүз миңдеген жаштарыбыздын эңсеп келген андай тилектери бүгүн реалдуу чындыкка айланууда. Өлкө аймагында ушул күндөрү жүздөгөн, керек болсо миңдеген социалдык маанидеги имараттар толугу менен жаңы салынып, курулуш болуп көрбөгөндөй чекке жетти. Жолдордун салынышы, аймактарга болгон борбордук бийликтин көңүл буруусу, Куралдуу күчтөргө болгон бүгүнкүдөй камкордук болду беле? Кышы-жайы дебей өлкөбүзгө жүз миңдеген алыс-жакындан эс алуучулар агылышууда. Албетте, иш болгон жерде кемчиликтер да болбой койбойт. Инфляциянын күч алышы, баш калаадагы транспорттук коллапс, күркүрөгөн күздөгү базардагы кымбатчылык – мунун баары экинчи, үчүнчү маселе. Булардын баасын ооздуктоого, чара көрүүгө болот. Кымбатчылык, баа саясатынын кескин өсүшү убактылуу көрүнүш деп билем. Эң башкысы, Бажы биримдигине кирген өлкөлөр арасында Кыргызстандын экономикалык жактан алдыңкы позицияга чыгышы, кошуна өлкөлөрдүн бизге карай суктануусу толкундантпай койбойт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

МУРГАБГА САПАР

# ДОСТУК МАМИЛЕБИЗ БЕКЕМДЕЛЕ БЕРСИН






***2020-жылы каргашалуу таажы вирусу каптаган маалда чек аралар жабылып, бүткүл дүйнөдө байланыш үзүлгөнүн билебиз. Бир жылга чукул созулган апааттан кийин кайрадан карым-катыштар калыбына келе баштаган кезде, тагыраагы 2021-жылдын апрель айында кыргыз-тажик чек арасында кагылыш орун алып, ортодогу мамиле татаалдашкан. Бир жыл өтпөй, 2022-жылы кайрадан кандуу кагылыш кайталанып, кабырганы кайыштырган окуялар өкүм сүрдү. Чыр-чатактан улам чек аралар ачылбай, жалпылап айтканда беш жылдан ашуун жабык турду.***

Бул жерде эң негизги маселе чек араны тактоо эле. Анткени талаш-тартыш, чыр-чатактардын баары ушундан чыгып жаткан. Бактыга жараша эки мамлекет башчы – Садыр Жапаров менен Эмомали Рахмондун саясий эркинин натыйжасында эч кимди ортомчу кылбай чек ара тактaлып, талаштуу жерлерди алмашууга жетишилди. Албетте, эң негизги ишти атайын кызматтын төрагалары Камчыбек Ташиев менен Саймумин Ятимов аткарып, ар бир кадамды жети өлчөп бир кесип, 30 жылдан бери эл эңсеген чечимди камсыздашты. Такталган чек ара келишими эки өлкөнүн парламенттери тарабынан ратификацияланып, президенттер тарабынан бекитилди. Учурда делимитация жана демаркация иштери жүрүп, чек араны аныктаган зым тартылууда.

Чек ара такталары менен Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон 12-13-март күндөрү Кыргызстанга мамлекеттик сапар менен келип, бир катар маанилүү келишимдерге кол койду. Анын арасында чек ара боюнча дагы келишим бар эле. Эки өлкөнүн президенттери "Ынтымак ордодо" Кыргызстан менен Тажикстандын мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү келишимге кол койгондон кийин Баткен районундагы "Кызыл-Бел" өткөрмө бекети эл аралык деңгээлде, ал эми Лейлек районундагы "Кайрагач" бекети эки тараптуу болуп кайра ачылганына күбө болдук. Ошентип, дээрлик беш жылдан ашуун убакыттан бери жабык турган кыргыз-тажик чек арасында кыймыл жанданып, карым-катыш башталды. Бул эки өлкөнүн эли үчүн абдан чоң кубаныч тартуулады. Өзгөчө кошуна өлкөдө жашаган этникалык кыргыздар үчүн зор майрам болду.


Төрт айдан кийин, 8-июлда Президент Садыр Жапаров Тажикстанга мамлекеттик сапар менен барганда, Мургабда жана Жерге-Талда жашаган кыргыздар байланышчу "Карамык" жана Бор-Дөбө бекеттери ачылды. Биз жол ачылары менен Мургабга сапар тартып, эл-журттун абалы менен таанышып кайттык. Айта кетсек, буга чейин ортодогу карым-катыштагы кыйынчылыктын бири – чек ара бекеттериндеги жана жол тоскон МАИ кызматкерлериндеги жемкорлук болчу. Күнүмдүк аш-оокат үчүн түшкөн этникалык кыргыздар мунун азабын аябай тартып келишкен. Ал мезгилде көп айтылганы менен, үндөрү бийликке жетчү эмес. Кудайдын кулагы сүйүнсүн десек болот, азыр чек арада жагымсыз көрүнүш жокко эсе экенине күбө болдук. Ушул жагдай мындан ары дагы уланышы керек.


Дагы бир жакшы жери, чек ара бекеттеринде мурдагыдай көп кызматтар жайнап туруп алып убара кылып, бир нече сааттык убакытты алган көрүнүш жоюлуптур. Эки өлкөдө тең чек арачылар жана бажы кызматы гана өз иштерин тийиштүү деңгээлде аткарып жатат. Белгилей кетсек, Кыргызстандан унаа менен барсаңыз эки ай бою кенен жүрсөңүз болот, эч кандай чектөө жок. Бирок, Мургабга барган ар бир адам эки ай жүрүшү үчүн акча төлөп, пермит алышы керек экен. Мындай тоскоолдук боюнча Тышкы иштер министрлиги иштеши зарыл деп ойлойбуз. Анткени, азыр түзүлгөн ортодогу ынак мамилеге мындай эрежелер көлөкө түшүрүшү мүмкүн.

Мындан сырткары, Тажикстанда жашаган этникалык кыргыздардын мектептериндеги китеп маселеси да чечилбеген көйгөй боюнча турат. Бул маселе дагы алдыдагы келечекте каралат деген ишеничтебиз. Анткени, эки өлкөнүн жетекчилери жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн билдирүү жасаганда: "Биз Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын элдеринин этностук жана тилдик өзгөчөлүгүн сактоого, ошондой эле Тажикстан Республикасынын аймагында жашаган этникалык кыргыздарга жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган этникалык тажиктерге, коомдук бирикмелердин жана улуттук маданий борборлордун ишмердүүлүгүнө алардын эне тилин, улуттук маданиятын, каада-салттарын жана үрп-адаттарын сактоо жана өнүктүрүү контекстинде жагымдуу шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтөбүз" деген. Президенттердин сөзү жергиликтүү деңгээлде ишке ашышы шарт.



Кыскасы, чек аралар тактaлып, ортодогу карым-катыштын калыбына келгени баарына жагымдуу маанай тартуулаган жакшы көрүнүш болду. Буга чейин чечилбей келген көйгөйлөрдүн түйүнү эми табылат деген ишеним чоң. Анткени, байланыштар бийик деңгээлге чыга баштады. Ушул жумада Тажикстандын Премьер-министринин биринчи орун басары Хусрав Холикзода баштаган делегация расмий визит менен келип, Кыргызстандын санариптештирүү тармагындагы жетишкендиктер менен таанышып, тажрыйбасын үйрөнүштү. Сапардын алкагында конокторго Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан негизги санариптик долбоорлор – "Коопсуз шаар" системасы, "Инфодокс", булуттук чечимдер, G-Cloud платформасы жана Кызмат-ID тааныштырылды. Кызматташтыгыбыз мындан ары да чыңдалып, достугубуз бекемделе беришине тилектешпиз.





**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

БИЛИМ БЕРҮҮ

# ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫНА ДАЯРДЫК

***Агартуу министрлиги өлкө ичинде жаңы окуу жылына карата масштабдуу даярдыктар соңуна чыгып калганын кабарлады. Быйыл Кыргызстандын мектептеринде 1,5 миллиондон ашык бала билим алат. Жалпысынан өлкөдө 2394 мектеп окуучуларга каалгасын ачат. Анын 224ү жеке мектептер болуп саналат. Балдарга жалпы 93 миңден ашык мугалим сабак берет. Мындан тышкары, 2025-жылы Кыргызстандын ЖОЖдорунун 1222 бүтүрүүчүсү мектепте алгачкы педагогикалык ишмердүүлүктөрүн баштаганы турушат.***

## "АЛТЫН КАЗЫК" ПРОГРАММАСЫ

Жаңы окуу жылынын башкы жаңылыгы – "Алтын Казык" программасынын алкагында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү. Жаңы мамлекеттик предметтик билим берүү стандарттары бекитилген. Анын алкагында 30 миңден ашуун мугалим окутулду. Ал эми ушу тапта республиканын бардык аймактарында Август педагогикалык кеңешмелери өткөрүлүүдө. Анын алкагында мугалимдерге 27 миңден ашуун "Алтын Казык" ноутбуктары тапшырылууда.

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ

Акыркы жылдары мектепке чейинки билим берүү менен камтуу көрсөткүчү 28,3%дан 44,3%га чейин өскөн. "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандарты, "1 жаштан 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү" программасы киргизилди. Быйыл миңге жакын жаңы тайпа ачылды. Жаңы окуу жылында Кыргызстанда "Нуристе" мектепке чейинки даярдоо программасы менен иштеген 3 миңге жакын педагог баштагыч класстарга толук жүктөмдө сабак бере баштайт. Бул мугалимдерге болгон муктаждыкты жоюуга жана кадрларды мектепке чейинки билим берүүдөн баштагыч звенонун которууга мүмкүндүк берет дешет адистер.

## ОКУУ КИТЕПТЕР

2025-жылы мамлекет тарабынан окуу китептерин басып чыгарууга 744 млн сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө Агартуу министрлиги "Учкун" ААК менен жалпысынан 571,9 млн сомго 3 198 650 нускада окуу-методикалык комплекстерди басып чыгарууга келишимдерди түзгөн (2023-2024-жылдары 1 490 786 нускада окуу китептери даярдалган). Бул сумманын ичинен бүгүнкү күндө "Англис тили" предмети боюнча жаңы окуу-методикалык комплекстер 1 917 570 нускада басылып чыкты. Ошондой эле 1, 2-класстар үчүн "Математика" жана "Табият таануу" предметтери боюнча жаңы окуу-методикалык комплекстер 1 281 080 нускада басылып чыгууда. 5, 7-класстар үчүн "Математика" жана "Табият таануу" предметтери боюнча адаптацияланган окуу-методикалык комплекстер, ошондой эле 1-класстар үчүн "Нуристе Алиппе" окуу китеби басууга даярдалууда. Ал эми Кыргызстан менен Россиянын жумушчу тобу адаптацияланган орус тили жана адабияты боюнча окуу китептери Россия Федерациясында басылып чыгып, 2025-жылдын октябрь айында Кыргыз Республикасынын мектептерине жеткирилет.



## "ОКУУ КИТЕБИ", "КҮНДӨЛҮК" ЖАНА "САНАРИП КАМПА"

Бул окуу жылында "Окуу китеби" онлайн-платформасы ишке киргизилди. Платформа окуу китептерин жеткирүү мөөнөттөрүнө карабастан окуу процессин камсыз кылууга мүмкүндүк берет жана аларга жетүү үчүн бирдиктүү санариптик ресурс болуп калат. Окуучулардын, ата-энелердин жана мугалимдердин ыңгайлуулугу үчүн "Окуу китеби", "Күндөлүк" жана "Санарип Кампа" системалары менен интеграцияланат. Окуучулар окуу китептерин электрондук түрдө акысыз колдоно алышат жана офлайн режимде иштөө үчүн аларды жүктөп алышат.

## МУГАЛИМДЕРДИ КАГАЗ ЖҮКТӨН АРЫЛТУУ

Санариптештирүү баарынан мурда бюрократиялык процесстерди кыскартууга багытталган. Мурда ар бир мугалим окуучулардын үлгүрүүсү боюнча бир эле маалыматты бир нече формада: кагаз журналда, ар кандай ведомстволор үчүн жыйынды таблицаларда толтурууга мажбур болгон. Мугалимдер кагаз жүктөн арылышты. Бүгүн баалар жана окуучунун социалдык, демографиялык статусу, сабакка үлгүрүүсү жана катышуусу тууралуу маалымат бир гана жолу системада жазылып, андан ары зарыл болгон отчёттор автоматтык түрдө киргизилет. Мурда мектептер ар кандай отчётторду тапшырышса, эми билим берүү процессин санариптештирүү жана башка мамлекеттик ведомстволор менен интеграциялоо аркылуу отчёттордун 75%ы толугу менен жокко чыгарылууда. Бул мугалимдердин убактысы бир кыйла кеңейип каларын айтып турат. Мектеп администрациясы мугалимдерди жана ата-энелерди ар кандай маалым каттарды жана анкеталарды чогултууга алаксытпайт. Мугалимдер сабактардын пландарын жана окуу-пландарын кол менен даярдоо милдетинен бошотулду. «Күндөлүк» системасында жаңы 2025-2026-окуу жылына бардык предметтер боюнча бардык темалар толук камтылган. Мугалим керектүү теманы тандайт, бааларды жана катышуусу тууралуу белгилерди коёт. Бул маалымат ошол замат тиешелүү администратиндик отчётторго жүктөлөт. Ошентип, бир эле маалыматты бир нече жолу кайрадан жазуу кажет болбой калат. Бул көп убакытты үнөмдөп, зарыл маалыматтар мектеп администрациясына, ата-эне жана окуучуларга жеткиликтүү болот.

## САНАРИП – БУЛ АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУК

Мектепке мугалимдерди тандоо, мектепке балдарды кабыл алуу санарип системасы менен ишке ашырылууда. Бардык маалыматтар электрондук системалар аркылуу катталып, текшерилет. Өлкөдө соңку жылдары педагогикалык ЖОЖдорго тапшыргандардын көбөйгөнү байкалган. Мугалим – коом агартуучусу. Ал эми жаштар – жаркын келечектин ээлери.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

МЕКТЕП КӨЙГӨЙҮ

# БУЛЛИНГ – ЖӨНӨКӨЙ ЖАҢЖАЛ ЭМЕС, АЛ ТЕРЕҢ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАРАКАТ

***Жаңы окуу жылынын башталышына саналуу күндөр калды. Учурда Кыргызстандын бардык мектептеринде окуу жылын ийгиликтүү баштоо максатында тынымсыз түрдө уюштуруу иштери жүргүзүлүүдө.***

Билим берүү чөйрөсү, мектептер – коомдун эң негизги социалдык институттарынын бири болгондуктан, анда калыптанган мамилелер, мүнөздөр келечек муундун инсандык, адеп-ахлактык жана социалдык баалуулуктарына түздөн-түз таасир этери анык. Кыргызстандын мектептеринде акыркы он жылдыкта олуттуу талкууланбай келген, бирок күндөн-күнгө курчуп бара жаткан көйгөй – бул буллинг көйгөйү.

Мектеп окуучуларынан, мугалимдеринен сурамжылоо аркылуу алган маалыматтарыбызга таянсак, буллинг дегенибиз – бир нече окуучунун же бүтүндөй бир класстын окуучуларынын ошол класстын ичинде окуган бир окуучуга системалуу түрдө психологиялык кысым, басым жасоосу экен. Мисалы, айыл мектебине шаардан жаңы окуучу барып, 8-класска кошулуп окуй баштаганда эч себепсиз жерден аны бүтүндөй бир класстын окуучулары кошпой, ага сүйлөбөй, окуучулардын тили менен айтканда ал жаңы окуучуну "игнор", "изгой" кылган учурлары болгон. Шаар мектептеринде да мына ушул "игнор", "изгой" ыкмасы абдан жайылып, өспүрүм курактагы окуучулар арасында "модага" айлангандай. Ал эми "игнорго" кабылган окуучунун психологиялык абалы айтпаса да түшүнүктүү... Буллинг чоңдор тарабынан таптакыр көзөмөлгө алынбай калган учурда улам күчөп олтуруп аягында көпчүлүк окуучулар тарабынан окуучуну кемсинтүү, физикалык зомбулук көрсөтүүгө чейин жетет.

Мектеп чөйрөсүндө бул көрүнүштү изилдөө Кыргызстан үчүн да актуалдуу, анткени коомдук маданияттагы "балдардын табигый чыр-чатагы" деп баалоо тенденциясы бул көйгөйдү жашырып, бирок анын кесепеттерин тереңдетүүдө.

Азыркы биздин коом буллингге карата олуттуу мамиле жасай элек. Журналист катары ата-энелер, мугалимдер менен бирдикте мектептеги чогулушка катышканыбызда, балдар жана өспүрүмдөр чөйрөсүндө жайылып жаткан "буллинг" адатына кескин бөгөт коюуга, токтотууга азырынча мугалимдер да, ата-энелер да даяр эмес экендигине күбө болдук. Илгертен айтылып келген "Бала деген бала, бүгүн урушуп, эртең жарашып ойноп берет", "Бала эч нерсени түшүнбөйт" деген түшүнүктөрдүн айланасында айрым ата-энелер жана мугалимдер бул көрүнүштү олуттуу кабыл албай, аны "балдардын оюн-зооктторунун бир бөлүгү" катары түшүндүрүштү. Мындай түшүнүк балдарга "зордук-зомбулукка көнүү маданияты" жаратып, жабырланган окуучуга жардам берүүнү да кечендетери шексиз.

Ал эми психолог Гүлнара Малабаевага бул тема боюнча кайрылганыбызда ал: "Буллинг көбүнчө азыччууда эмес, жымжырттыкта өтөт. Бала көзгө тике карабай, мектептен качып, абдан түнт же абдан агрессивдүү болуп калат. Чоң адамдар тилекке каршы, бул өзгөрүүлөрдү убагында байкабай калышы мүмкүн. Бирок мунун түпкүрүндө терең психологиялык жабыркоо болот. Буллинг күндөн-күнгө улангандыктан, ага туш болгон балдар ушундай абалда жашаганга мажбур болушат. Алар көп учурда бул көйгөйүн ачык айта беришпейт, мектепке да барбай коё албайт. Болгону мындай абалда жашоосун улантып, кайгысы менен жападан жалгыз кала беришет. Буллинг – жөнөкөй жаңжал эмес, ал терең психологиялык жаракат алып келет" - деди. "Ал эми бул жердеги чоңдордун милдети – сыртки гана конфликтти токтотуу эмес, мунун артында эмне тургандыгын андай билүү. Анткени, бул жерде жабыркаган окуучу да, жабыр тарттырган окуучу дагы "мен жалгызмын, колуман эч нерсе келбейт, жардам бергиле" деген абалда болушу мүмкүн. Биз муну көрө билсек – бул өзгөрүүнүн башаты болот. Ошондой эле буллинг көп учурда чоңдордун кийлигишүүсү, жардамы менен чечилет" дейт психолог Гүлнара Малабаева.



Психологиялык изилдөөлөрдө буллинг бир нече түр менен аныкталат: Физикалык буллинг – ур-токмок, коркутуу, буюмдарын тартып алуу; Вербалдык буллинг – мазактоо, шылдыңдоо, кемсинткен ат коюу; Социалдык буллинг – топтон бөлүп коюу, "жабышпоо" саясаты, коомдук обочолонтуу; Кибербуллинг – социалдык тармактар жана мессенжерлер аркылуу коркутуу, жалган маалымат жайылтуу.

Ошондой эле психологдор буллингдин кесепеттери, таасири көп кырдуу жана узак мөөнөттүү болорун белгилешет. Бул жагдайды баштан кечирип жаткан окуучуда тынчсыздануу, депрессия, өзүнө ишенбестик пайда болот. Окууга болгон кызыгуу төмөндөйт, мектептен качуу көрүнүшү көбөйөт. Кээ бир учурларда өз өмүрүнө кол салуу коркунучу жогорулайт. Буллинги уюштуруучунун өзү да кийин коомго каршы жүрүм-турумга жакын болуп, кылмыштуулукка катышуу мүмкүнчүлүгү көбөйөт. Кыргызстандагы айрым резонанстуу окуялар (ММКларда чагылдырылган өз жанын кыюу фактылары) бул маселени четке кагууга мүмкүн эместигин айгинелейт.

## БУЛЛИНГГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕР ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТ

Кыргызстанда азырынча буллингге каршы системалуу саясат али толук иштелип чыга элек. Бирок бир катар аракеттер бар: Мектептик психологиялык кызматтар – формалдуу түрдө көпчүлүк мектептерде психологдор бар, бирок алардын саны жетишсиз, функциялары так аныкталган эмес. Мугалимдер үчүн буллингди таануу жана аны алдын алуу боюнча атайын курстар жокко эсе. Мыйзам алкагында "Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө" мыйзам жалпы нормаларды камтыйт, бирок мектептик чөйрөгө багытталган конкреттүү жоболор жетишсиз.

Ал эми бул тема боюнча КРнын Ички иштер министрлигинде 2025-жылдын 26-августунда «Окуучулар арасындагы деструктивдүү жүрүм-турум: таасири жана алдын алуу» аталышындагы онлайн семинар-кеңешме өткөрүлгөнү маалым болду. Онлайн иш-чарага ИИМдин Коомдук коопсуздук кызматынын кызматкерлери жана КРСУ ЖДЭАИнин адистери, ошондой эле Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл жана Ош облустарынын Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын кызматкерлери катышып, окуучулар арасындагы деструктивдүү жүрүм-турумду алдын алуу чаралары, экстремизмди жана мыйзамсыз миграцияны алдын алуу боюнча актуалдуу маселелерди талкуулашкан. ИИМдин Коомдук коопсуздук кызматынын бөлүм башчысы Нуржан Адылова жаштар арасындагы терс көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында мамлекеттик органдар, билим берүү мекемелери жана коомдук уюмдар менен тыгыз байланышта иш алып баруу зарылдыгын белгилейт.

"Буллинг" акыркы жылдардагы Кыргызстандагы билим берүү системасын тынчсыздандырган жана татаал көйгөй экени улам жыл өткөн сайын айкын билине баштады. Анын социалдык-психологиялык тамыры терең жана кесепеттери олуттуу. Демек, бул маселени чечүүдө формалдуу иш-чаралар менен чектелбестен, мамлекеттик саясат, педагогикалык практика, ата-энелердин жоопкерчилиги жана жалпы коомдук аң-сезим бирдикте иштеши зарыл. Мыйзамдык деңгээлде – мектептерде буллингди алдын алуу боюнча так жоболорду иштеп чыгуу, жоопкерчилик механизмдерин киргизүү, билим берүү системасында – мугалимдер үчүн атайын курстарды киргизүү, ар бир мектепте кесипкөй психологдун иш ордун түзүү, ата-энелер үчүн семинарлар, тренингдерди өткөрүү, окуучулар арасында достук маданиятын жайылтуу – теңтуштук колдоо клубдарын, дебаттар, спорттук жана чыгармачылык иш-чараларды активдештирүү менен балким буллинг адатынан балдар дүйнөсүн куткарып кете алабыз. Буллингге каршы күрөш – бул балдардын укуктарын коргоо менен бирге, келечектеги жарандык коомдун сапатын да аныктоочу фактор.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№65 (3721)
2025-жылдын 29-августу


КЕСИПКӨЙ ДАРЫГЕР

# КАЛДАРБЕК АБДРАМАНОВ – БҮГҮНКҮ ДООРДУН АХУНБАЕВИ

***Ооба, ушундай тарыхый аныктаманы Калдарбек Абдрамановго кыргыз элинин көрүнүктүү журналисти, Кыргыз эл жазуучусу, «Жаңы Ордо» гезитинин редактору Бекен Назаралиев берген. Мындай салыштырууда эч кандай аша чапкандык жок. Анткени эгерде кыргыз жана дүйнөлүк медицинанын тарыхында Иса Ахунбаевдин ысымы менен биздин кардиохирургиянын жаралышы ассоциацияланса, акыркы 30 жылдан бери кардиохирургиялык тармакты өнүктүрүп келген Абдраманов менен ушул тармактын көз карандысыз жана интенсивдүү түрдө өнүгүүсү байланыштуу.***

Мындай тыянакка Кыргыз жүрөк хирургиясынын өткөн 70 жана акыркы 30 жылда болуп жаткан окуяларды, татаал жолун иликтегендер макул болушат. Башынан эле бул медициналык тармак улуу жетишкендиктер менен катар абдан чоң тоскоолдуктарга кабылып өнүккөн. Ахунбаев болобу, Абдрамановбу, бул эки инсан бирдей деңгээлдеги бул турмуштун оош-кыйыштарын, бийлик тарабынан жана өзүнүн медициналык чөйрөсүндөгү шакирттеринен түрдүү түшүнбөстүктөрдү, көрө албастыктарды, карасантайлыктарды, бут тосууларды көп көрүштү.

Ахунбаев Азияда биринчи болуп жүрөккө операцияны жасап биздин медицинаны дүйнө жүзүнө таанытып, ошол эле учурда мурдагы авторитардык бийликтен запкы жеп, анын көптөгөн долборлору убагында иш жүзүнө ашпай калган эле. Ошого карабастан Ахунбаев 1975-жылы транспорттук авариядан бул дүйнө менен коштошконго чейин, Кыргыз медицинасынын кадыр-баркын дүйнөлүк деңгээлде бийик сактап келген. Бул оор жоготуудан кийин, тилекке каршы, Кыргыз кардиохирургиясы көп жылдык стагнацияга торолуп өспөй-өнбөй келген.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенде гана кардиохирургияда өнүгүү процесстери кайра жарала баштады.

Кардиохирургия тармагы 1974-жылы Республикалык ооруканада бөлүм катары ачылган болсо, 1984-жылы Миррахимовдун демилгеси менен Жоошибаевдин, Мараловдун жетегинде Кардиология институтунда илимий-практикалык бөлүмгө айланды. Ошентип 20 жыл тынч жаткан кардиохирургия 2005-жылы Калдарбек Абдрамановдун жетекчилиги астында толук өз алдынча Жүрөк, кан тамыр хирургиясы жана органдарды алмаштыруу илим изилдөө институту статусун алды. Арадан дагы 20 жыл өтүп, тармак таңгаларлык жетишкендиктерге жете алды. Бул дагы болсо мына ушул жалгыз бир адамдын эбегейсиз эмгеги, мээнеткечтиги менен. Ал турсун Ахунбаев эңсеген нерселер иш жүзүндө аткарыла баштады.

Абдрамановдун жеке уюштуруучулук эмгегинин, адистик сапатынын натыйжасында бүгүн Кыргызстанда эки мамлекеттик ири кардиохирургиялык клиника иштеп, жылына 1500-2000ден ашуун жүрөккө татаал операциялар, дагы ушунчалык сандагы инвазивдүү (скальпелсиз) операциялар жасалууда. А мындан 30 жыл илгери Кыргызстанда жылына 150-200 эле операция иш жүзүнө ашып, муктаж болгондордун 90 пайызы тейлөөсүз калчу!

Абдраманов 2005-жылы Бишкекте жаңы уюшулган НИИХСТОнун, Кыргызстанда биринчи жолу илимий кеңештин альтернативалык шайлоосунун жыйынтыгы менен Саламаттык сактоо министринин буйругу аркылуу алгачкы директору болуп дайындалган эле. Анын жетекчилиги менен, буга чейин жылдан-жылга чечилбей келген маселелер чечилип, бир топ чоң ийгиликтерге биздин Саламаттык сактоо министрлигибиз жете алды. Сөзүбүз далилдүү болушу үчүн ал жасаган иштердин бир четин эле бул жерде көрсөтүп кетели:

- Орто Азияда 50 койкалуу биринчи адистешкен Жүрөк хирургия жана органдарды алмаштыруу илим изилдөө институту (НИИХСТО) иш жүзүндө уюшулду. Ал деген бир бөлүм болгон структуранын базасында, чоң илимий-практикалык медициналык институтка керектүү бардык бөлүмдөрүн түзду, уюштурду. Ал гана эмес институттун Жалал-Абад регионундагы жүрөккө операция жасаган филиалын ачууга жетишти.

- Орто Азиядагы кардиохирургдардын биринчи илимий журналын 2007-жылы уюшуруп, анын башкы редактору болду.

- Ошол эле 2007-жылы Борбордук Азиядагы кардиохирургдардын биринчи коомун түзүп адистердин башын бириктирип, алардын биринчи съездин өткөрдү.

- Ахунбаевдин 100 жылдыгына арнап Эл аралык илимий конференцияны жогорку деңгээлдеги уюштуруучулукта өткөрдү. Ошол 100 жылдыктын шарапаты менен Кыргызстандын Мамлекеттик Медициналык Академиясына Ахунбаев Иса Коноевичтин ысымын ыйгаруунун демилгечиси болду.

Ошол эле эл аралык илимий конференция күндөрү Абдрамановдун өтүнүчү менен Кыргызстандын президенти чоң тарыхый чечим кабыл алган эле. Бишкекте жаңы заманбап Кардиохирургиялык клиниканын курулушун буйруп, бул максатта 19 миллион доллар өлчөмүндөгү акча-каражат бөлгөн. Тилекке каршы, 2010-жылы бийлик алмашып, бул Бишкекте салынчу 7 кабаттуу, үстүндө вертолет жана анын конуу аянтчасы бар кардиохирургия борборунун план-долбоору кагаздын бетинде кала берди.

- НИИХСТО базасында жаш кардиохирургдарды даярдоо базасы курулуп, кафедра, ординатура, аспирантура, докторантуралар ачылып, илимий жана диссертациялык Кеңештер түзүлүп, жыйынтыгында бүгүн жалпысынан 100дөн ашуун кардиохирургдар, инвазивдик кардиологдор, илимдин кандидаттары жана докторлору даярдалып, өлкөнүн бардык клиникаларында жана чет элдерде ийгиликтүү иштеп жатышат.



- Ошентип, Абдраманов Бишкекте биринчи НИИХСТОну уюштуруп, түптөп, аны менен тим болбостон Түштүк регионунда дагы бир мамлекеттик кардиохирургиялык чоң клиниканы (ЮРНЦСХны) уюштура алды.

- Дагы бир, эл билсе да айтылбаган нерсе бар. Бул биринчи жолу Кыргызстанда бөйрөктү трансплантация жасоонун, бардык уюштуруучулук, даярдык ж. б. маселелери чечилип, операцияны Абдраманов өзү ишке ашыраар мезгилде негизсиз жумуштан алынып, а операция НИИИХСТОнун базасында Түркиядан чакырылган хирург аркылуу өткөрүлгөн.

- Ошондой эле медицинадагы катаал шартка карабай 18 жыл илгери Абдраманов биринчи жолу Ош шаарында жүрөккө алгачкы 4 операцияны ийгиликтүү жасаган. Андан бери ал тармак Ошто дагы деле лидери жок болуп, жакшы өнүгө албай атат.

- Медицина илимдеринин коомдук Академиясы түзүлүп, ал анын биринчи президенти болуп дайындалган.

- 20 жылдан бери Абдраманов Кыргызстандагы Иса Ахунбаев атындагы жүрөк, кан-тамыр хирургдарынын коомунун төрагасы болуп тармакты өнүктүрүп келет.

Ооба, ошондой эле Абдрамановдун медицина, эл, коом үчүн жасаган башка айтылбай калган эмгектери өтө көп, аны коомчулук жакшы билет. Эң негизгиси, кыска мөөнөттө, Абдраманов Кыргызстанда бул тармакта замандын талабына жооп бере алган жүрөк операцияларын жасай алган жана ошондой эле кардиология жана кардиохирургия тармактарын өзүнө камтыган эки ири борборду уюштуруп жатпайбы.

Анын үстүнө акыркы жылдары Абдрамановдун эмгеги бийлик тарабынан колдоого алынып, 30 жылдан бери ал өзү тилеп келген жаңы заманбап кардиологиялык борбор акыры Жалал-Абадда курула баштаганын жакшы жаңылык катары угуп, баарыбыз кубанып турган чагыбыз.

Эгерде ошол Абдраманов тилек кылгандай, ири Жүрөк клиникалары Бишкекте, Жалал-Абадда жана башка шаарларыбызда жакын арада пайда болгон болсо, анда Кыргызстан тейлөөгө муктаж болгон бардык жүрөк оорулуларын өз кароосуна ала алган болот. Ошондо Абдраманов илгертен айтып жүргөн жылына 5-6 миң жүрөккө жасалган операцияларга жана 10-12 миң инвазивдүү (скалпелсиз) кийлигишүүлөргө жетишебиз, бардык муктаж болгон жүрөк оорулуулар тейленет, өмүрлөрүн сактап калышат. Мына ушул багытта негизги иштер али алдыда, аларды ишке ашырам деп бул биздин замандын залкар устаты Калдарбек Алишерович Абдраманов тынымсыз иштеп жатат.

**Чоробек КАРАКАН**

P.S. *Ахунбаев менен Абдрамановдун өмүр баянында өтө кызыктуу окшоштук жана параллелдерди келтирүүгө болот, алардын арасын кылымга жакын мезгил бөлүп атса да, Ахунбаев өткөн кылымдын 50-жылдары Исхак Раззаковдун шакирти болгон, бул улуу инсан аны Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун ректорлугуна, андан соң Кыргыз Улуттук Академиясынын жетекчилигине көтөргөн. 60-жылдары Раззаков кызматынан интригалар жана жалган жалаалардын негизинде кетип, жаңы бийлик Ахунбаевди кысымга ала баштаган.*

*Калдарбек Абдраманов НИИХСТОну жаратып (а бул нерсе Ахунбаевдин негизги кыялы болгон), анын биринчи директору болуп Илимий кеңештин альтернативалык чечими менен 2005-жылы дайындалган. Бийлик 2010-жылдын апрелинде алмашып, Абдрамановго каршы Кыргызстандын эң атактуу ММКсы аркылуу массивдүү тынымсыз информациялык куугунтук жарыяланган эле. Бул жагымсыз нерселер ошол мезгилдеги убактылуу президенттин ролун аткарган Роза Отунбаева тарабынан билсе да билмексенге алынып турганы, ошол замандагы өтө жагымсыз көрүнүшкө, бийликтин кара тагына айланган болчу. Баарыбыз жакшы билген эки жылдык тынымсыз маалыматтык террордун натыйжасында Абдраманов НИИХСТОнун директорлугун таштоого аргасыз болгон.*

*Дал ошол мыйзамсыз жол менен өткөн кылымдын 60-жылдарынын орто ченинде Ахунбаевге каршы куугунтук кампаниясы жарыяланган эле. Аны Кыргызстандын компартиясынын катчысы жетектеген. Анын негизинде бул өлкөбүздүн улуу инсаны бардык жооптуу кызматтарынан айрылып, чет элге кетүүгө даяр болуп бирок акыры өмүрүнүн аягында республикалык клиникада катардагы хирургдай иштеп калган. Ошол шартта да, ал Ахунбаев бойдон калды!*

*Абдраманов болсо башка заманда жашаган экен, бийлик ага канчалык көрмөксөн, билмексен болуп, а көрө албастар ачык басым кылышса да, кызматсыз калган жок. Ал НИИХСТОдон кетип, эл үчүн күйгөн белгилүү патриот жетекчинин талабы менен, “ишсиз калган” Кыргызстандын ошондогу жалгыз кардиохирургия профессору (азыр деле жалгыз кардиохирургия профессору, “генералы”) Абдраманов, Жалал-Абаддагы бир кезде өзү уюштурган клиниканы ЮРНЦСХны башкарып калды. Ал мекемени да түптөп көтөрүп, аны да Кыргызстандын дагы бир атагы алыс кеткен ири кардихирургия борборуна айландырып, азыр да алдыга баштап баратат.*

*Бүгүн Кыргызстандын жетекчилери Абдрамановго окшогон тажрыйбалуу кесипкөйлөргө ишенип, ага жаңы медициналык заманбап борборду уюштуруп берип, иштөөгө, жаштарды тарбиялоого, мекемени эл аралык деңгээлге чыгарып түптөөгө шарт түзүп берип жатпайбы. Дал ошондой эле өз убагында Раззаков Ахунбаевден медицинаны көтөрүңүз деп, аны Медицина институтунун ректорлугуна дайындап, андан соң Академияны башкарууга жөнөткөн, анан ал ошол тармактарды түп тамырынан өзгөртүп, алдыга чоң кадам салдырганы али да элдин эсинде да!*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АКАДЕМИКТИН АЛГЫ КЕБИ

# ТЫШКЫ САЯСАТ – ИЧКИ САЯСАТТЫН УЛАНДЫСЫ




***Айрымдар ойлогондой, тышкы саясат дипломаттардын эрмеги, мамлекеттик деңгээлде эл аралык мамиледеги протоколдук формалдуулуктар эмес. Демек, дүйнөлүк деңгээлде Кыргызстандын тышкы саясатынын башкы максаты – эл аралык коомчулукта өлкөбүзгө болгон ишенимди бекемдөө менен ааламдашуунун мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдалануу болуп саналат.***

Учурда дүйнөлүк геосаясатта “тектоникалык жылууларды, империялык жөөлөшүүлөрдү, ири державалык дымагы бар мамлекеттердин ачык да, тымызын да “булчуңдарын” көрсөтүү процесси” болуп жатканын байкап жатабыз. Кыргызстандын саясий жетекчилиги ошондой геосаясий шартта Кыргызстан Борбордук Азиянын регионалдык стратегиялык ролун эске алуу менен мындан ары аймактык интеграциялашууга терең маани берип, социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүнүн зарыл шарты катары карап, өзгөчө коңшу өлкөлөр менен достук мамилени чыңдап жатат. Кыргыз туугандардын жакшы сөзү бар “алыскы туугандан жакынкы коңшу” деген.

Эгемендиктен кийин эки өлкөнүн мамилелеринде кандай гана оң, терс көрүнүштөр болбосун казак эли менен канатташ, жамаатташ жашап, “сөөмсөөм, карыш-карыш” дегендей бир туугандык сезим бар. Ооба, тарых барактарында эки элдин алакасында оор сыноолор болгон. Ага карабай эки элдин мамилесин чагылдырган “Казак-кыргыз бир тууган”, “Тоскейде малы, төсекте басы косулган” деген сыяктуу образдуу ойлор эки элде жетиштүү.

Бул жерде көңүл буруп кете турган маанилүү жагдайды белгилей кетким келет. Казакстан Республикасынын биринчи Президенти Нурсултан Назарбаевдин тарыхый ролуна токтоло кетпесе болбойт деп эсептейм.

Ал эки элдин ортосундагы чыныгы бир туугандык мамилелердин жана өз ара пайдалуу кызматташтыктын чыңдалышында өзгөчө басым жасаган. Андай аракеттердин жыйынтыгында стратегиялык өнөктөштүк үчүн шарттарды түзүү максатында эки өлкө ортосундагы жогорку мамлекеттик кеңеш, парламенттер аралык кеңеш, өкмөттөр аралык кеңеш жана тышкы иштер министрлеринин кеңеши сыяктуу органдар түзүлүп, активдүү иштешкен. Н.Назарбаев бир жолку Кыргызстанга болгон сапарында: “Сенин да бетиң жапжалпак, менин да бетим жапжалпак, айырмам кайсы кыргыздан” деп эки элдин бир туугандыгын баса белгилеген жайы бар.

1930-жылдардагы Казакстандагы туура эмес саясаттан улам келип чыккан тамак-аш каатчылыгы, ачкачылык учурунда боордош кыргыз агайындар жүздөгөн казак үй-бүлөлөрүн батырып, ичээрге аш, коноорго үй берип, ачкачылыктан сактап калган. Алардын урпактары азыр Чүй, Ысык-Көл облустарында жашап келишет.

Ч.Валиханов, И.Алтынсариндин, Т.Сатылганов, А.Кунанбаев, Тоголок Молдо кыргыз-казак достугун чагылдырып, эки элдин достугуна көпүрө болушкан. Жакынкы эле жылдарда бир тууган эки элдин уулдары дүйнөлүк атагы бар залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шахановдун “Аскада калган аңчынын ыйы” аталган диалогдук чыгармасында кыргыз-казак достугу жөнүндө эмне деген гана философиялык мааниси бийик, терең ойлор айтылбаган. Чындап келсек, эки залкар Ч.Айтматов менен М.Шахановдун достугу – эки элдин достугунун, бир туугандыгынын символу.

А.Акаевдин башкаруусу учурунда эки өлкөнүн мамилеси “туугандык, кудалык” деңгээлге чейин өсүп жеткен. К.Бакиевдин учурунда эки өлкөнүн белгилүү олигархтарынын кызыкчылыктары дал келген. Ал эми А.Атамбаев менен С.Жээнбековдун учурунда эки өлкөнүн ортосунда түшүнбөстүктөр, чыңалуулар болгону белгилүү.

Президент Садыр Жапаров көсөмдүк кылып өз кызматына киришкен биринчи күнүнөн эле Казакстан менен мамилени түздөөгө, жакшыртууга болгон аракетин көрүп жатат. Бүгүнкү күнгө чейин эки мамлекеттин ортосунда 180ден ашуун мамлекеттер, өкмөттөр жана ведомстволор аралык келишимдерге кол коюлган. КРнын Президенти С.Жапаров кызматка киришкенден кийинки эң биринчи мамлекеттик сапары 2021-жылдын 2-3-мартында Казакстанда болгон. Кийинки убактарда Касым-Жомарт Токаев менен Садыр Жапаров эки өлкө ортосундагы мамилени чыңдоого болгон күч-аракетин жумшап жатышат. Бул абдан жагымдуу көрүнүш. Эки элдин ынтымагы, достугу жана эң башкысы, бир туугандыгы кылымдарга уланышына тилектешмин.



**АЙТИМОВ Аксерик Сарыевич,**
**Техника илимдеринин кандидаты,**
**Казакстан Республикасынын академиясынын академиги,**
**Казакстан инновациялык жана телекоммуникациялык системалар университетинин ректору**

## АВТОУНААЛАРДЫ МЫЙЗАМДАШТЫРУУ 1-ОКТЯБРДА ТОКТОЙТ





Абхаз, армян номурлуу унааларды мыйзамдаштыруу боюнча 1-апрелде башталган иш-чаралар ийгиликтүү уланууда. Транспорттук каражаттарды жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматына ылайык, 1-апрелден 27-августка чейин Кыргызстанга Абхазиядан, Армениядан жана Орусиядан мыйзамсыз ташылып келген 7 768 автоунаа мыйзамдаштырылды. Анын көбү Чүй облусунда – 2074. Бишкек шаарында 1816, Жалал-Абадда 1142 автоунаага документ берилди. Эскерте кетсек, биринчи кезекте документи бар автоунаалар мыйзамдаштырылмай болгон. Экинчи этапта документи жок, бирок техникалык абалы талаптарга жооп берген автоунаалар каттоого алынат. Андан тышкары, документи жок автоунааларды башка максатта пайдаланууга – тетик катары сатууга, өлкөдөн чыгарып кетүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Кулакка күмүш сырга кылып айта кетсек, чет элдик номурлуу унааларды мыйзамдаштыруу иши 1-октябрда токтойт. Андан кийин мындай номурлуу унааларды Кыргызстанда айдоого тыюу салынмакчы.

## 66 ӨНӨР ЖАЙ ОБЪЕКТИСИ ИШКЕ БЕРИЛЕТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын атайын тапшырмасына ылайык, жыл аягына чейин 128 өнөр жай объектисин ишке берүү тапшырмасы коюлган. Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министри Нурдан Орунтаев: “Өнөр жай объектилеринде курулуш иштерин четинен бүткөрүп жатабыз. Жалпы 128 ишкананын 66сы Эгемендүүлүк күнү пайдаланууга берилсе, калган өнөр жай объектилери жылдын аягына чейин ачылат. Мындан сырткары, өлкө аймагында социалдык объектилерди куруу боюнча иштер активдүү жүрүүдө. Биз Министрлер Кабинети тарабынан коюлган тапшырмаларды толук аткарып жатабыз. 31-августка карата 100дөн ашык социалдык объекти ачылат. Андан тышкары, жылдын аягына чейин дагы 100 объектини ишке берүүнү пландап жатабыз. Жалпы жыл аягына чейин өлкөдө 200 социалдык объектинин курулуш иштерин бүткөрүү милдети коюлган” деди.



## КУТКАРУУЧУЛАР СЫЙЛАНДЫ



Өзгөчө кырдаалдар министри Боobek Ажикеев Оштогу каналга чөгүп кете жаздаган 7-8 жаштагы баланы аман алып калышкан куткаруучуларга медаль тапшырды. Белгилей кетсек, окуя ушул жылдын 29-июлунда катталган. Саат 18.10 чамасында Ош шаарынын Көкүм бий көчөсүн аралап өткөн каналдан агып бараткан баланы куткаруучулар байкап калып, суудан алып чыгышкан. ӨКМдин Сууччулдар кызматында билим алган куткаруучулар дароо медициналык жардам көрсөтүп, дем алган абалга жеткиришкен. Андан соң “Тез жардам” кызматына өткөрүп беришкен. Эскерте кетсек, быйылкы жылдын өзүндө эле ушундай билим алган куткаруучулар 40тан ашык адамдын өмүрүн сактап калышкан.

## СТУДЕНТТЕР ОНЛАЙН ОКУЙТ

Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги Бишкектеги бардык жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары 1-сентябрдан 15-сентябрга чейин аралыктан (онлайн форматта) окуй турганын билдирди. Бул медициналык окуу жайларына тиешелүү эмес. Мындай чечим борбор калаада бир катар эл аралык иш-чараларды өткөрүү, шаар ичиндеги жолдорду оңдоо жана курулуш иштерине байланыштуу кабыл алынган. Эске салсак, акыркы жылдары чоң-чоң саммиттерде, башка өлкөнүн жетекчилеринин мамлекеттик сапары учурунда Бишкекте мектептер, бала бакча жана жогорку окуу жайлары онлайн форматта иштеп келе жатат.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

АЙМАКТАРДА



## ЖАҢЫ МЕКТЕП

Лейлек районуна караштуу Миң-Жыгач айылында 225 орундуу Жаш-Тилек орто мектебинин курулушу бүткөрүлдү.

Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинен билдиришкендей, билим уясы 2023-жылы курулуп баштап, республикалык бюджеттен каржыланды.

Мектептин жалпы аянты 1 259 чарчы метрди түзөт. Долбоор боюнча эки кабаттуу окуу корпус, спорт зал, компьютердик класс, дарыгердин бөлмөсү, жыйындар залы бар.

## МАМЛЕКЕТКЕ КАЙТАРЫЛДЫ

Алай районундагы Гүлчө айылында мурда автобазага тиешелүү болгон административдик блоктор, ошондой эле жалпы аянты 036,5 гектар жер тилкеси мамлекетке кайтарылды.

УКМК тарабынан мыйзамсыз менчиктештирилген жер тилкелерин мамлекеттин менчигине кайтаруу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында жер тилкелерин менчиктештирүүнүн мыйзамдуулугун аныктоо боюнча текшерүү иштери жүргүзүлдү.

Текшерүүнүн жүрүшүндө жергиликтүү тургун Гүлчө айылынын аймагында жайгашкан административдик блокторго жана 036,5 га аянттуу жер тилкесине жеке менчик укугун берүүчү мамлекеттик актыларын (кызыл китеп, техпаспорт) мыйзамсыз негизде алганы аныкталган.

Аталган жер тилкеси административдик блоктору менен бирге өлкө мыйзамдарын бузуу аркылуу алып-сатуу келишиминин негизинде жеке тарапка өткөрүлүп берилгени аныкталды.

Ыкчам-иликтөө иш-чараларынын жыйынтыгында, административдик блоктор жана жер тилкеси ыктыярдуу шартта мамлекеттин менчигине кайтарылып, Гүлчө айыл өкмөтүнүн балансына киргизилди.

УКМК мыйзамсыз менчиктештирилген объектилерди аныктоо жана мамлекеттин балансына кайтаруу боюнча иштерди улантууда.

## МЫЙЗАМСЫЗ ЖЕР БӨЛҮШТҮРҮҮ ФАКТЫСЫ

Кадамжайда мыйзамсыз жер бөлүштүрүү фактысы боюнча Кадамжай райондук прокуратурасы тарабынан Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн кызмат адамдарына каршы кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу фактысы боюнча кылмыш иши козголду.

Прокурордук текшерүүдө аныкталгандай, айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкерлери КР Жер кодексинин жана өкмөттүн токтому менен бекитилген "Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын одоно бузушкан. Тактап айтканда, кезек сакталбастан жана кыймылсыз мүлкү бар 200дөн ашык жаранга мыйзамсыз түрдө жер участоктору бөлүнүп берилген. Бул факты боюнча КР Кылмыш-жаза кодексинин "Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу" беренеси боюнча кылмыш иши козголуп, учурда тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

**«Эркин-Тоо» пресс**

АТА-МЕКЕНДИК ӨНДҮРҮШ

# АРСТАНБАП ЖАҢГАГЫНЫН МАЙЫ – ДАРТКА ДАБАА

***Мекендешибиз Улан Иман мырза жана анын үй-бүлөсү мугалимдик кесипти аркалашчу. Баары билим, илимдин адамдары. Апасы, эжеси илимдин профессорлору. Ал эми Улан мырза жубайы экөө тең саясат жана философия илимдеринин кандидаттары, доценттер. Бирок турмуштун агымы аларды ишкер болууга багыттаган. Алар жаңгак, кара тмин, зыгыр майларын өндүрүп, сатыкка чыгарышат. Май өндүрүү ишине жөн жерден келген эмес.***



## Шыпаадан ишкерчиликке карай

- Бир күнү атам катуу ооруп, бутуна тура албай калды. Атама жардам берүүнүн жолдорун издей баштадым. Тааныштардан ден соолукту калыбына келтирүүчү чоң табигый майлар тууралуу угуп калдым. Бул нерсеге олуттуу карап, илимий көз караш та терең изилдей баштадым.

## Жаңгак, кара тмин жана зыгыр майлары

- Бул иште сапатка артыкчылык берүүгө басым койдум. Жаңгак, кара тмин, зыгырдан май аз чыгат, бирок, сапаты жогору боло оруна ынандым. Андан соң Европа өлкөлөрүнөн керектүү жабдууларды Бишкекке алып келип, май чыгаруучу техниканы өз колум менен курап, чогулттум. Алгачкы май Арстанбаптын жаңгагынан алынды. Алгач майды ата-энем колдонду, дарттарына даба болуп, жардам берди. Ошондон кийин кошуналарым, дос-тааныштар келип көрүп, май сатып ала баштады. Ден соолук багытында башталган жумушубузда аракетибиз күч. Брендге "Айбарс" деп ат койдук. Ачылганыбызга 4 ай гана болгону менен бул кыска убакытта Түркия менен Түштүк Кореяда өткөн эл аралык көргөзмөлөргө катыштык. Чынын айтканда, биздин майлардын сапаты кыйла жогору экени тастыкталды. Жакында Сеулда өткөн көргөзмөгө катыштык. Мында дүйнөнүн көп өлкөлөрүнөн бир катар ишканалар катышты. Ага карабастан, кыргыз жаңгагынын майы, кара тмин, зыгыр майлары – үчөө тең "мыкты май" деп таанылды. Учурдан пайдаланып, биздин маркетингди жөнгө салып, уюштуруу иштерин колго алышкан ал жактагы кыргыз мекендештерибизге жана Кыргызстандын Түштүк Кореядагы элчиси Аида Исмаилова айымга колдоосу үчүн терең ыраазычылык билдирем. Биз Түштүк Кореяга алып барган майлардын бир граммы да артка кайткан жок, баары суроо-талап менен сатылып кетти.

## 3,5 килограмм жаңгактан 1 литр май даярдалат

- Биздин ишкердикти үй шартындагы чакан өндүрүш, кичинекей үй-бүлөлүк ишкердик десем болот. Чындыгында, бизде болгону 4 гана май сыгуучу станок бар, аларды мен өз колум менен чогулткам. Биз бардык лабораториялык текшерүүлөрдөн өтүп, "Кыргызстандарттан" экспорттук декларация алганбыз. Демек, сапат боюнча эч шек жок. Биздин майлар дүкөндө сатылбайт. Майлар атайын вотсап тобубуз аркылуу эле сатылып кетет. Анткени, ал топко кимге, канча көлөмдө май керек экенин айтышат. Ага ылайыктап жеке буйрутма аркылуу май чыгарабыз. Ал эми кыргыз жаңгагынын кабыгын, ичиндеги бөлгүчтөр кайра иштетилип, адамдын муундары үчүн мазь даярдайбыз. Азыркы тапта 1 литр кыргыз жаңгагынын майы – 6000 сом. 250 мл бөтөлкө – 1500 сомду түзөт. Баалар өзгөрүп турат. Алдыда ишкерчиликти өнүктүрүү аракеттери көрүлөт. Экспортко чыгуу боюнча дагы экиүч сунуштама келди. Бул багыттагы иштерибиз дагы улантылат. Мен ар бир жаранды жаңгакты жеп турууга үндөөр элем. Анткени, анын пайдасы абдан көп.



**Даярдаган**
**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**



МЕНИН АТАМ – ЭҢ ЖАКШЫ АДАМ

**Акмаанай ЭШБАЕВА, Бишкек шаарынын мэриясына караштуу «Семетей» ансамблинин солисти:**

# «АТАМ МЕНИ ОПЕРАДАН КӨРГҮСҮ КЕЛЧҮ»





*Акмаанай Эшбаева – атактуу ырчы Токон Эшбаевдин кызы. Талант тукум кууйт дегендей, ата жолун жолдоп, атадан өткөн улуу өнөр менен элибизге кызмат кылып келет. Биз бүгүн таланттуу инсандын таланттуу кызы менен баарлашып, кызыктуу маек курдук.*

**- Акмаанай айым, «аккан арыктан суу агат» деген кыргызда жакшы сөз бар эмеспи, анын сыңарындай биз сизди белгилүү обончу жана аткаруучу Токон Эшбаевдин кызы катары билебиз. Сиз ал киши жөнүндө эмне айта аласыз?**

- Ооба, атам өзүңөр билгендей эле кыргыз элине белгилүү аткаруучу жана обончу, КРнын эл артисти Токон Эшбаев. Ал эми апам Инабат Эшбаева да КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Ош шаардык Саид Бекмуратов атындагы №1 балдар музыкалык мектебин жетектеген. Узак жылдар бою ошол жерде эмгектенди. Тилекке каршы атамдын арабыздан кеткенине бир топ мезгил өттү. Энемдин бар экенине шүгүр кылам. Себеби, кайда барбайын ата-энемдин атын аташып, «сен жакшы адамдардын кызысың» деген жакшы сөздөрдү көп угам. Алар мени ар дайым колдоп турушат. Ата-энем экөө тең музыкалык билими бар музыканттар болгондуктан, мен да ошол чөйрөдө өскөм.

**- Ата жолун жолдоп сиз дагы чыгармачыл чөйрөгө аралашып жүрөсүз. Бул жолду тандап алганыңызга Токон агайдын эмгеги чоң болсо керек?**

- Чыгармачылыкка аралашып калышыма атамдын да, апамдын да эмгеги чоң. Себеби, апам музыкалык мектепте жетекчи болуп туруп, музыкалык окуу жайга тапшыр деп, өзү зордоп алып барып тапшырткан. Ал кезде менден музыкант чыгат деп деле ойлогон эмесмин. Бирок, бала бакчадан, мектептен кадимки эле плойканы кармап алып, аны микрофон элестетип ырдаган күндөрүм эсимде. Ата-энем мендеги ошол жөндөмдү көрүп, музыкага жетеледи болуш керек деп ойлойм.

**- Белгилүү адамдын кызы болуу бир топ жоопкерчиликтүү болсо керек...**

- Абдан жоопкерчиликтүү. Анткени, кайда барбайын ата-энеме жакшы сөздөр айтылып келет. Ата-энемдин атына сөз тийгизип албасам экен дейм. Аткарган ишим менен ата-энемди кубандырсам дейм.

**- Жаңылбасам, сиз экономикалык кесиптин ээсисиз. Ата-энеден өткөн өнөр, жөндөм-шык, кызыгуу сизди кайрадан эле чыгармачыл чөйрөгө алып келиптир да...**

- Ооба, ОшМУнун бизнес жана менеджмент факультетин аяктагам. Ошол жылдары экономикалык билим алуу азыркы тил менен айтканда мода болуп, анын үстүнө мен окуган окуу жай дагы абдан популярдуу болуп турган. Бир себеби да ошол болду окшойт. Ошентип Кыргызстандын өсүп-өнүгүшүнө салымымды кошоюн деген да тилек менен экономикалык билим алып, ошол тармакта окудум. Ага катар эле Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайында да билим алдым. Апам дайыма «сенден эч кандай экономист чыкпайт, сен баары бир эле музыкалык тармакка кетет болушуң керек» дей берчү. Апамдын айтканындай эле болду. Азыркы учурда деле музыкалык билимим менен иштеп келем.

**- Токон агайдын кандай кеп-кеңештери эсиңизде? Ал киши үйдө кандай ата эле, сизди эмне деп эркелетчү, ырчы болушуңузга каршы болгон жок беле?**

- Атам сыртта өтө жоош, сүрдүү болгону менен үйдө тамашакөй, колунан бүт нерсе келген өзгөчө таланттуу жан эле. Үйдө бир нерсе бузук турчу эмес. Өзү айдап жүргөн машиналардан баштап, көтөргөн телефонуна чейин оңдочу. Үйдөгү суу түтүктөрүн, электр зымдарын, жылуулук системасын, айтор ушул сыяктуу иштерди киши чакырбай өзү карачу. Бир күнү подъезддеги электр щитти чукулап калды, апам экөөбүз урушсак да болбой карай берди. Бир убакта бир нерсе жарылгандай болду. Коркуп эле шашып барып эшикти ачсак, атам эки көзүн жаап алып отуруп калыптыр, щиттен болсо түтүн чыгып жатат. Апам экөөбүз атамды күйүп калды же ток тартты деп коркуп, ыйлап да алганбыз. Көпкө чейин түтүн болуп, ары жак көрүнбөй жаткан, бир убакта түтүн тарап, атам жылмайып бизди карап турат. Көрсө чыккан өрттөн көздөрү чагылышып, жумуп отуруп калган экен.

Атам мага чыгармачылык тууралуу көп кеңешин айтчу эле. «Адамда 1 пайыз талант болсо жетиштүү, калган 99 пайызы эмгек болуш керек кызым» - дечү. Мени операдан көргүсү келчү, аттиң ал кыялы ишке ашпай калды. Анткени, мен опера жана балет театрына жаңы эле жумушка орношкондон кийин көп өтпөй эле көзү өтүп кетти. Атамдан акча сурасам дароо берет эле. Мени эркелетип "Мама кызым" деп койчу. Мен жасаган тамактарды тамшанып жеп, "апамдай жасайсың» - деп калар эле. Менин ырчы болушума, чыгармачылыгыма эч качан каршы болбоду. Тескерисинче, дайыма колдоду, алтургай начар аткарып койсом да сын айтпай, мактап гана турар эле атакем.


*Жолдошу Кубатбек Алымкулов менен*

**- Кандай чыгармалардын үстүндө иштеп жатасыз?**

- Чыгармачылыкты таштаганым жок. Учурда Бишкек мэриясына караштуу «Семетей» ансамблинде солистмин. Шаардын кандай майрамдары болбосун дайыма катышып келем. Жеке аткаруучулукта да көп жаңы ырлар жазылды.

Аранжировкасы бүтүп, жаздырууга даяр болуп калган да чыгармалар жок эмес. Буюрса баары ирети менен эл алдына чыгат.

**- Жолдошуңуз да чыгармачыл адам, эң сонун дует аткарууңуздарга күбө болуп жүрөбүз. Ошентсе да кыргыздар "эр тайын тартат" дешет, сурайын дегеним балдарыңыз тайларын тартып чыгармачылыкка шыгы барбы?**

- Ооба, жолдошум Кубатбек Алымкулов дагы өнөр адамы, экөөбүз бир тармакта ээрчишип эриш-аркак келе жатабыз. Ал учурда Айтбек Муканбетов атындагы "Тенир-Тоо" тобунун солисти, Т. Эрматов атындагы музыкалык институтунун мугалими. Учурда эки уул, бир кызды тарбиялап жатабыз. Өнөрлүү адамдардын балдары кантип ырдабай калсын, албетте үчөө тең ыр-бийге жакын.

Улуу балам кичинекей кезинде ыйласа таятасы аккордеон чертип, ырдап калчу. Бир аз чоңойгондо телевидение, радиодон аккордеондун үнү чыгып калса эле «ой таята го» дей берээр эле. Эгер балдарым таятасындай, атасындай ырчы болом дешсе, мен эч качан каршы болбойм. Менин оюмча бала өзү каалаган эле нерсе менен алектениш керек. Таятасындай же атасындай ырчы болушса, жаман ырчы болушпайт деп ойлойм.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЭКРАНДАН – ТУРМУШКА



# “МИМИНО” ЖЕ ФРУНЗИК МЕНЕН ВАХТАНГДЫН УЛУУЛУГУ

***Бу макалада армян элинин өзгөчө таланттуу уулу маркум Фрунзик Мкртчян жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Бирок Ф. Мкртчяндай улуу инсанды эскерүүдө грузин элинин атактуу актеру, таланттуу ырчысы Вахтанг Кикабидзе жөнүндө айтпай коюу мүмкүн эмес. В. Кикабидзе «Не горюй!», «Мимино» фильмдери аркылуу СССР элдерине кеңири таанылган. Өзгөчө «Мимино» тасмасы актерду бүтүндөй Советтер Союзуна даңазалап эле тим болбой, армян эли менен грузин элинин бекем достугунун ширелишин көрсөтүп, ал достук экрандан чыгып, жек-жаатташ, атаандаш эки элдин чыныгы жашоо-турмушундагы достугуна айланган. Биз Фрунзик Мкртчянды эскерүүбүздү Вахтанг Кикабидзеден баштаганыбыздын себеби, Мгерди Бубачалык кемелине келтире эскерген улуу инсан бу жарыкта сейрек кездешет.***

В. Кикабидзе менен Ф. Мкртчян «Не горюй!» тасмасын тартып жатканда таанышкан. Ошол кезди Вахтанг (Буба) Кикабидзе 2016-жылы “Sputnik Грузияга” берген маегинде мындай деп эскерет: “Биринчи көргөндө мен анын жүзү абдан күлкүлүү болгонуна таң калгам. Анан да мени анын көздөрүнүн ушунчалык кайгылуу көрүнгөнү таң калтырган. Мен анын жашоодо басып өткөн жолун анда билчү эмесмин, анын аткарган ролдору, жалпысынан күлкүлүү болчу. Мен аны кийин түшүндүм, Фрунзик жөн гана абдан таланттуу адам экен. Ал өзүнө берилген ролдорду мыкты аткарчу, бирок ойлору, дайыма өзүнүн ички кайгысы жөнүндө болчу. Кийин билдим, анын тагдыры абдан татаал, аянычтуу болуптур. Пенде баласынын башына салбасын, алгач биринчи аялы каза болот, андан кийин экинчиси өтүп кетет, кызы мезгилсиз дүйнө салат, уулу атасынан мурда жок болот. Бүттү! Фрунзик (Мгер) Мкртчян адамга тиешелүү бакыттын баарынан ажырайт. Ал тасмага тартуу бүткөн аралыктарда эч кимге көрүнбөй жок болуп кетчү. Каякка барарын, эмне кыларын биз билчү эмеспиз. Аны тасмага тартуу убагында мас абалында бир да жолу көргөн эмесмин. Эртеси тасмага түшөрдө ар дайым таза бойдон, чыкыйып келчү. Кийин, биз жакын болуп кеткенде билдим, ал иччү экен. Кайгысынан эч кимге көрүнбөй иччү экен».

Дагы бир эскерүүсүндө Вахтанг Кикабидзе, Фрунзик өзүнүн армян болгонуна абдан сыймыктана турганын айтып, «Не горюй!» фильмин тасмага тартуу учурунда болгон бир окуяны мындай деп эскерет: “Мцхетадагы собордо” бир эпизод тартып жатканда, Фрунзик ибадатканадагы байыркы грузинче жазууну көрүп, аны армян жазмасы менен окшоштуруп, тамаша менен мени карап:

— Бул чиркөөнү да армяндар курган турбайбы?!.. — деди. Мен чычалап:

— Кантип эле армяндар курмак эле — дедим. Түшүнүп жатасызбы, ал мени жөн эле тамаша менен жеңип алды. Ошондон кийин дайыма ага кандай жооп кайтарсам деп ойлонуп жүрдүм. Анан биз "Мимино-нун" ресторандагы эпизодун тартып жатканда "Россия" мейманканасында жашап калдык. Ал жерде телефон эмнегедир терезенин тактасында турчу. Сен бул жакта жатасың, эгер телефон шыңгыраса телефонго чуркашың керек — деп тамашалап, аны ошол бөлмөгө калтырдым. Таңкы саат төрттө атайын туруп, шакабалап ага чалдым:

— Фрунзик, кечирип кой, сага беймаал чалып жатам. Азыр "Голос Америки" радиосунан армяндар тууралуу бир берүүнү уктум. Муну айтпай коё албайм, өтө мыкты жаңылык экен. Арменияда археологдор казуу иштерин жүргүзүп жатып “Армян комсомолуна 500 жыл” деген жазуусу бар таш таап алыптыр – деп мен каткырып күлдүм. Трубкадан ал уйкулуу үн менен жооп берди:

— А Вахтанг, бул сенин археологдоруң ошол ташты үч-төрт саат кечирээк, таң атканда тапса болбойт беле, мен да эл катары жакшырак уктап алмакмын?! — деп тамаша менен жооп берди.

В. Кикабидзенин айтымында, Ф. Мкртчян тасмага тартуу учурунда укмуш күтүүсүз сөздөрдү оюнан чыгарып (импровизациялап) айтчу экен: «Мимино» тартылып жатканда болгон дагы бир окуяны Вахтанг Кикабидзе мындайча эскерген: «Башында анын тексттери сценарийде жазылган деп ойлочумун, кийин билдим — ал көп сөздөрдү кадрда өзү оюнан чыгарып айтып салганын. "Россия" мейманканасынын ресторанындагы “Миминонун бий эпизодун” тартканда, биз бир топ кызуу элек. Анан дагы Ф. Мкртчяндын жердештери аны тасмага түшүрүүчү бий алдында абдан шыктандырып: "Фрунзик, армяндар грузиндерден жакшыраак бийлей турганын көрсөт. Шпагатка отуруп, жерден бет арчыны оозуң менен тиштеп алып кой!.." деп сүрөп турушту. Репетиция учурунда Фрунзик бул трюкту абдан оңой аткарчу, бирок тасмага тартууда ал эмнегедир аткара албай туруп калды. Арак таасир этти окшойт. Режиссер Георгий Данелия аны токтотууга аракет кылып: "Сага бул шпагатты аткаруунун кереги жок! Сценарийде жок мындай эпизод..." деди. Фрунзик ызаланып: "Кантип кереги жок? Эмне, грузиндер армяндардан жакшы бийлейби?!" деди. Фрунзиктин эч нерсе уккусу келбей калганын көргөн Данелия: "Фрунзик бет арчыны жерден оозу менен тиштеп алуу үчүн шпагатка отура баштаганда, жерден сен алып берип койчу" деп менден суранды. Ошентип мен Данелиянын өтүнүчү менен бет арчыны жерден Фрунзикке урмат көрсөтүп алып бердим. Тасмага тартуу бүткөндөн кийин Ф. Мкртчян көпкө ызаланып жүрдү. Ал бет арчыны шпагатка отуруп өзү ала албай калганына жердештеринин алдында ыңгайсыз болду окшойт..." деп эскерген В. Кикабидзе.

Вахтанг Кикабидзе Грузияда экөөнүн ортосунда болуп өткөн мындай окуяларды айтып берген: «Ф. Мкртчян Тбилисиге тез-тез келүүнү жакшы көрчү. Ал Тбилисиге гастролдор менен да, жөн-жай да көп келчү. Биздин грузиндер аны өзгөчө жакшы көрүшчү. Фрунзикке Ш. Руставели проспектиндеги атактуу Лагидзе суусун иччү жагат эле, карапайым адамдар менен жашоо-тиричилик жөнүндө шашпай сүйлөшүп отура берчү. Эгер бирөө кеңеш сураса: "Мимино" тасмасындагы өзү аткарган каармандын образына кирип: "Сага бир акылдуу нерсе айтам, сен таарынба..." деп тамашалап сөз баштачу. Тбилисиде 1981-жылы Грузин ССРинин түзүлгөнүнүн 60 жылдык маарекеси белгиленип, филармониянын чоң залында бардык көрүнүктүү коноктор катышкан чоң концерт өткөн. Ошол концерттин аягында көрүүчүлөрдүн алдына Фрунзик чыкты. Ал кезде сахнадагы столдордо 15 республиканын искусство өкүлдөрү улуттук кийимдери менен отурар эле. Фрунзик чыгып сахнаны бойлой басып келип: "Менин досум Валикону көргөн жоксуңарбы, учкучту?!" деп залда отурган элге кайрылды. Көп өтпөй мен да сахнага чыктым — биз кучакташып учураштык. Фрунзик менин ийниме колун коюп, сценарийде жазылбаган сөз менен: "Валик-джан, бул жердеги адамдар кимдер, жакшы адамдарбы?!" деп сурап, ошол замат менин ийнимде турган колу катуу титирей баштады. Мен ага "ооба Мгер, бул жерде жалаң жакшы адамдар отурат!.." деп жооп бердим. Бул күтүүсүз суроо сахнада отурган коноктorго гана эмес, өкмөт мүчөлөрүнө да катуу тийгени байкалды. Ал жерде ошол маарекеге Москвадан Грузияга келген СССРдин Генералдык катчысы Леонид Брежнев, Грузин ССРинин биринчи катчысы Эдуард Шеварднадзе баш болгон бир катар жогорку даражадагы советтик жетекчилер отурган эле. Бирок, бактыга жараша баары тамашага айланып, Фрунзиктин талантынын урматынын негизинде жакшы өтүп кетти.

Дагы бир жолу Тбилисиде спектаклден кийин үйүнө кайтып бара жатканда Фрунзикти Кызыл көпүрөнүн жанында МАИ кызматкерлери токтотот. Фрунзик машинеден түшүп, мени тааныса керек Грузин МАИлери деген ойдо жүзүн көрсөтөт. Бирок МАИ кызматкерлери аны таанымаксанга салып, айдоочулук күбөлүгүн талап кылышат. Документти көрүп, тыкыр карап чыгып, аны өздөрү менен кошо МАИ бөлүмүнө барууга мажбур кылышат. Фрунзик макул болуп, бирок ар кандай ойго жетеленип кыжаалат боло баштайт. МАИ кызматкерлери аны коштоп көпүрөнүн астынан өтө берген жайык жерде дасторкон жайылып, столдун айланасында Тбилисинин Ш. Руставели атындагы театрында иштеген достору алтын түстүү катехин шарабын колдоруна көтөрүп туруп, Армениянын тоолорунан агып түшүп Турция, Грузия жана Азербайжанды аралап агып өткөн Кура дарыясынын үстүнөн "Ов, сирун, сирун, инчу мотецар..."» деп армянча ырдап тосуп алышып кетирбей коноктокон... – деп эскерет Вахтанг Кикабидзе.

В. Кикабидзе: Мгер өзүнүн өзгөчө узун мурду тууралуу сүйлөгөндү анча жактырбаганын мындай деп эскерген: “Бир жолу Фрунзик досум башкы ролду аткарган «Сирано» спектаклине бардым. Анда Сирано өзүнүн мурду үчүн шылдың болуп жатканынын баяндаган узун монолог болушу керек эле. Фрунзик Сиранонун ролун ойнойт, анын мурдун узартыш үчүн эч нерсе чаптоонун кереги жок болчу. Анын өзүнүн мурду дал ошол Сиранонун спектаклде сүрөттөлгөн мурдундай бар эле. Бирок бүт монологду, менимче, Фрунзик сахнада 17 секундда эле бүтүрүп койду. Анан кечки тамакка баратып: "Мгер, эмне үчүн мыкты классиканы ушунчалык кыскарта чаптың?.." деп жылмайып сурадым. Ал мени көздөрү менен таң калтыра карап: "Бубаджан, кайсы армянга өзүнүн чоң мурду жөнүндө узак убакыт арман айтып отуруу жагат эле?" деди… «Биз Фрунзик экөөбүз абдан жакын достордон болдук, ал абдан таланттуу, юмор сезими өзгөчө кылдат адам эле. Көрармандар белгилегендей: ал көздөрү кайгылуу улуу комик болчу. Биз жолукканда ар дайым көңүл ачып, бири-бирибизди тамашага салган эскерүүлөр абдан көп...»

Дүйнө элине нагыз достуктун символу катары таанылган бул эки улуу инсан Фрунзик Мкртчян менен Вахтанг Кикабидзе 1993-жылдын 29-декабрында Ф. Мкртчян каза болгонго чейин дос бойдон калып, жогорудагыдай мыкты эскерүүлөрүн элге сунуш кылган. Ал эми Вахтанг (Буба) Кикабидзе 2023-жылдын 15-январында, досу Фрунзик (Мгер) Мкртчян бул дүйнөдөн өткөндөн соң дээрлик отуз жыл бою аны эскерип жүрүп, 84 жашында Тбилиси шаарында дүйнөдөн өткөн. Мына ушундай өзүнөн досун жогору баалап эскерген досу бар адамдар, албетте бактылуу.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

## МЕДИЦИНА ЧӨЙРӨСҮНДӨ АДИСТЕРДИ ДАЯРДООГО МАМЛЕКЕТТИК МОНОПОЛИЯНЫ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарынын бири болуп саналат. Медицина чөйрөсүндө кадрларды даярдоо системасын модернизациялоо өзгөчө мааниге ээ, анткени медициналык билим берүүнүн сапаты саламаттык сактоонун улуттук системасынын натыйжалуулугун, жарандар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн жана деңгээлин түздөн-түз аныктайт.

Соңку жылдары билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия алган жеке медициналык билим берүү уюмдарынын саны тездик менен өсүп жаткандыгы байкалууда. Бирок алардын көпчүлүгүндө зарыл болгон клиникалык базалар жок, окуутуучулардын кадрдык курамы квалификациялык талаптарга ылайык келбейт, ал эми билим берүү процесси негизинен минималдуу практикалык даярдык менен дипломдорду формалдуу берүүнү гана камтыйт.

Натыйжада жыл сайын билим деңгээли жана практикалык көндүмдөрү төмөн жүздөгөн адистер бүтүүдө, бул медициналык билим берүү системасына ишенимди жоготот жана кыргыз дипломунун эл аралык статусуна зыян келтирет.

Түзүлгөн кырдаал медициналык кадрларды даярдоонун системалуу кризисине алып келет, улуттук саламаттык сактоодо кадрдык жетишсиздикти күчөтөт жана чет өлкөлүк студенттердин мыйзамсыз миграциясын жана мыйзамсыз эмгектенүүсүн кошкондо, улуттук коопсуздук үчүн тобокелдиктерди жаратат.

Келтирилген фактылар медицина чөйрөсүндө кадрларды даярдоо системасын өркүндөтүү боюнча чечкиндүү чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтүп турат.

Медициналык жана фармацевттик кадрларды даярдоо системасын түп-тамырынан бери өркүндөтүү, аларды кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу, саламаттык сактоонун артыкчылыктуу проблемалары боюнча комплекстүү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, билим берүү уюмдарынын ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана алардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына (мындан ары – медициналык Академия) жогорку медициналык жана фармацевттик билими бар адистерди даярдоо, медициналык жана илимий кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча өзгөчө укукка ээ болгон система түзүүчү мамлекеттик жогорку окуу жайынын статусун бекитип берүү менен медицина чөйрөсүндө адистерди даярдоого мамлекеттик монополия киргизилсин.

**2.** Медициналык Академиянын ишинин негизги милдеттери жана багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

1) жогорку кесиптик билим берүү системасында жогорку квалификациялуу медициналык жана фармацевттик кадрларды даярдоо, аларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

2) билим берүү программаларын улуттук жана эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү, аларды аккредитациялоону камсыз кылуу;

3) клиникалык көндүмдөргө басым жасоо менен практикага багытталган окутуу моделин түзүү, симуляциялык окутууну өнүктүрүү жана билим берүү процессине заманбап санариптик технологияларды киргизүү;

4) эл аралык стандарттардын жана дүйнөлүк мыкты практикалардын негизинде инновациялык окуу программаларын, методикалык материалдарды жана санариптик платформаларды иштеп чыгуу жана колдонуу;

5) саламаттык сактоонун алдыңкы мамлекеттик мекемелеринин базасында иштеген окуу жана клиникалык базалардын, медициналык борборлордун жана кафедралардын тармагын кеңейтүү аркылуу теориялык даярдыктын жана клиникалык практиканын туруктуу интеграциясын камсыз кылуу;

6) илимий-изилдөө ишин өнүктүрүү: медицинанын жана саламаттык сактоонун артыкчылыктуу проблемалары боюнча фундаменталдык, колдонмо жана инновациялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, трансляциялык медицина борборлорун жана илимий лабораторияларды түзүү;

7) медициналык билим берүүнүн, илимдин жана практикалык саламаттык сактоонун өз ара байланышын күчөтүү, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын саламаттык сактоо системасына киргизүүнү камсыз кылуу;

8) профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын, анын ичинде чет тилдерди билүүнү жана заманбап педагогикалык технологияларды өздөштүрүүнү үзгүлтүксүз жогорулатуу;

9) медициналык Академиянын жана анын бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык базасын модернизациялоо, заманбап жабдуулар менен жабдуу, окуу жана изилдөө борборлорун өнүктүрүү;

10) эл аралык академиялык кызматташтыктын туруктуу системасын түзүү, алмашуу программаларына, биргелешкен билим берүү жана изилдөө долбоорлоруна катышуу.

**3.** Медициналык Академия Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук баш ийүүсүндө турат деп белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) саламаттык сактоонун улуттук системасы үчүн кадрлардын заказчысы болот жана медицина жана фармация чөйрөсүндөгү билим берүү ишин лицензиялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат;

2) бүтүрүүчүлөргө квалификациялык талаптарды иштеп чыгат жана киргизет, ошондой эле мамлекеттик билим берүү заказын түзөт жана медициналык тармактын региондук керектөөлөрүн эске алуу менен бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрөт;

3) интернатурадан, ординатурадан жана клиникалык практикадан өтүү, ошондой эле симуляциялык окутуунун заманбап формаларын киргизүү үчүн медициналык Академия менен ведомстволук медициналык мекемелердин (ооруканалардын, клиникалардын, борборлордун) өз ара аракеттенүүсүн уюштурат;

4) медициналык Академиянын материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө, билим берүү процессин санариптештирүүгө, илимий-изилдөө жана клиникалык борборлорду түзүүгө көмөк көрсөтөт;

5) окутууга, анын ичинен чет өлкөлүк студенттердин миграциялык мыйзамдарды сактоосуна жана алардын мыйзамсыз эмгектенүүсүн алдын алууга контроль жүргүзөт;

6) медициналык Академиянын эл аралык билим берүү жана изилдөө программаларына катышуусун, билим берүү стандарттарын интеграциялоону жана кыргыз медициналык дипломунун эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну координациялайт.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жана медициналык Академиянын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жеке медициналык билим берүү уюмдарынын лицензиялык, аккредитациялык жана квалификациялык талаптарга шайкеш келишин, анын ичинде кадрдык курамын жана анын квалификациялык стандарттарга ылайык келишин, клиникалык базалардын, окуу жана материалдык-техникалык инфраструктуранын болушун жана абалын изилдөө үчүн ведомстволор аралык комиссия түзсүн.

Ведомстволор аралык комиссиянын жыйынтыктоочу корутундусун 2025-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө берсин;

2) 2025-жылдын 31-декабрына чейин өзүнүн ченемдик укуктук актыларына ушул Жарлыктан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизсин, ошондой эле ушул Жарлыктан келип чыгуучу мыйзам актыларынын долбоорлорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

3) 2026-жылдын 1-январына чейин даярдоо программаларына, академиялык курамга, клиникалык базаларга жана жыйынтыктоочу аттестациялоого карата милдеттүү талаптарды камтыган, медициналык жана фармацевттик адистиктер боюнча бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыксын жана бекитсин;

4) 2026-жылдын 1-мартына чейин жогорку медициналык билим берүү уюмдарын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарды окуткан жеке жогорку окуу жайларын төмөнкүдөй критерийлер каралган мамлекеттик аккредитациялоо тартибин иштеп чыксын жана бекитсин:

– билим берүү программаларынын медициналык жана фармацевтикалык адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келишин;

– адистерди даярдоонун сапатын камсыз кылууну (бүтүрүүчүлөрдүн билими, көндүмдөрү, практикалык компетенциялары);

– заманбап материалдык-техникалык базанын жана клиникалык базаларга жеткиликтүүлүктүн болушун;

– профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын (окумуштуулук даражалар, англис тилин билүү, иш тажрыйбасы);

– билим берүүнүн сапатын ички контролдоо системасын киргизүүнү (студенттердин билимин баалоо, жетишүүсүнө мониторинг жүргүзүү, кайра байланыш);

– студенттерди практикалык даярдоо жана стажировкалар үчүн саламаттык сактоо уюмдары менен жөнгө салынган өз ара аракеттенүүнү;

– илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана студенттерди илимий-изилдөө жана инновациялык ишке тартууну;

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан билим берүү ишин натыйжалуу контролдоону жана көзөмөлдөөнү;

– бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна жана алардын кесиптик адаптациясына мониторинг жүргүзүүнү;

– билим берүү ишин улантуу үчүн аккредитациядан өтүүнүн милдеттүүлүгүн караган аккредитациялоонун этаптуу жол-жобосун белгилөөнү.

**5.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартиптин негизинде 2026-жылдын 1-июнуна чейин жеке жогорку медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрсүн. Белгиленген тартипте аккредитациялоодон өтпөгөн билим берүү уюмдары мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүү жана студенттерди кабыл алуу укугун жоготот.

**6.** Зарыл инфраструктурага ээ, бирок лицензиялык же аккредитациялык талаптарга ылайык келбеген жеке билим берүү мекемелери билим берүү ишин медициналык Академиянын толук академиялык жана методикалык башкаруусунда турган жогорку окуу жайына чейинки даярдоо курстарынын же окуу-клиникалык базалардын форматында гана жүзөгө ашыра алат деп белгиленсин.

**7.** Мамлекеттер аралык макулдашуулардын алкагында Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин колдонуудагы укуктук абалы сакталсын.

**8.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**9.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №250***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АФГАНИСТАНДЫН КИЧИ ЖАНА ЧОҢ ПАМИРИНЕН КЕЛИП ЖАТКАН ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРГА ЖАНА КАЙРЫЛМАНДАРГА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА 2026–2029-ЖЫЛДАРГА ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасына келип жаткан этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга колдоо көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга колдоо көрсөтүү боюнча 2026–2029-жылдарга программасы 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга колдоо көрсөтүү боюнча 2026–2029-жылдарга программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

3) Иш-чаралар планынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 3-тиркемеге ылайык;

4) Иш-чаралар планынын бюджети 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө Иш-чаралар планын ишке ашыруу үчүн акча каражатын карасын.

**3.** Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

1) Иш-чаралар планын толук көлөмдө жана белгиленген мөөнөттөрдө аткаруу боюнча зарыл чараларды көрсүн;

2) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине берип турсун.

**4.** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги:

1) Иш-чаралар планынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүп турсун;

2) жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча жыйынды маалыматты отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №356 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этностук кыргыздарга колдоо жана гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча 2022–2024-жылдарга программасын бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №243 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №356 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринен келип жаткан этностук кыргыздарга колдоо жана гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча 2022–2024-жылдарга программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом кол коюлган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №532***

ЖОГОРКУ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ БАРАГЫ

# ИСЛАМ АКАДЕМИ

***Ислам академиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 28-декабрындагы №363 Жарлыгы менен расмий түзүлгөн. Жарлыкта көрсөтүлгөндөй Ислам академиясы Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу мамлекеттик жогорку окуу жай болуп саналат. Академиянын максаты – өлкөдө теология, филология жана дин таануу багытында жогорку деңгээлдеги билим берүү системасын өнүктүрүү. Мамлекеттик бюджеттен каржыланган академия өлкөнүн диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатына шайкеш иш жүргүзүп, салттуу ислам дининин баалуулуктарын илимий негизде изилдөө жана жайылтуу иштерин аткарат. Андыктан академия дин жаатындагы жогорку квалификациялуу адистерди даярдаган жана диний багыттагы кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын арттырууну камсыздаган атайын тармактык жогорку окуу жай болуп эсептелет.***


*Ректор, Ph.D Эрмамат Эргешов*


*Окуу иштери боюнча проректор Ph.D Майрамбек Жусупов*


*Каржы, экономика жана уюштуруу иштери боюнча проректор Жеңишбек Элболдуев*

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Бириккен Араб Эмираттарынын Заед бин Султан Аль-Нахаян атындагы кайрымдуулук жана гуманитардык фонду ортосунда Токмок шаарында Ислам академиясын түзүү боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Бул демилгени ишке ашыруу максатында, Токмок шаардык мэриясынын 2019-жылдын 5-сентябрындагы №127 токтомуна ылайык, шаардагы 3-кичи районунда жайгашкан 2,05 гектар жер тилкеси бөлүнүп берилген. Бул негизде Заед бин Султан Аль-Нахаян фондунун каржылык колдоосу менен Ислам академиясынын имараттарынын курулушу ийгиликтүү жүргүзүлгөн.

Академиянын түптөлүшү, өлкөбүздүн диний билим берүү системасын заманбап талаптарга ылайык өнүктүрүү жана анын сапатын жогорулатуу максатында жасалган маанилүү кадам катары белгиленет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №234 жана 2025-жылдын 15-январындагы №13 токтомдорунун негизинде уюштуруу иштери жүргүзүлүп келүүдө.

2024-жылдын 29-июлунда академиянын уюштуруучу органы Кыргыз Республикасынын мурунку Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ректордун милдетин аткаруучу кызмат ордуна теология илимдеринин доктору (Ph.D) Эргешов Эрмамат Калмурзаевич дайындалган. Кыска мөөнөт ичинде мекеменин Жобосу иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй–Бишкек Юстиция башкармалыгында каттоо иштери жүргүзүлүп, 2024-жылдын 26-августунда расмий түрдө каттоодон өткөрүлгөн.

2024-жылдын 30-августунда академиянын туруктуу ректорун дайындоо максатында министрлик тарабынан ачык конкурс жарыяланып, анын жыйынтыгында теология илимдеринин доктору (Ph.D) Эргешов Эрмамат Калмурзаевич татыктуу талапкер деп табылып, Ислам академиясынын ректору кызматына министрликтин №233/4 буйругу менен 2024-жылдын 17-сентябрынан тартып академиянын ректору кызмат ордуна расмий түрдө дайындалган. Министрлер Кабинетинин токтомунда каралган 10 штаттык бирдик ректор тарабынан бекитилип, кызматкерлерди жумушка кабыл алынып, бүгүнкү күндө уюштуруу иштери толук аягына чыкты.

**Ислам академиясынын ректору, теология илимдеринин доктору (Ph.D), дин педагогикасы боюнча адис, теолог-эксперт Эрмамат ЭРГЕШОВ:**

- Ислам академиясынын түзүлүшү, ачылышы – өлкөбүздөгү теологиялык билим берүүнү илимий негизде өнүктүрүү, адистердин квалификациясын жогорулатуу жана диний сабаттуулукту арттыруу багытында мамлекеттик деңгээлдеги приоритеттүү кадам болду. Анткени, академия Кыргыз Республикасындагы теологиялык багыттагы мамлекеттик жогорку окуу жайы болуп саналат. Академиянын максаты – диний билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу менен катар, заманбап билим берүү ыкмаларын колдонуп, теология, дин таануу жана араб филологиясы тармактарында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо. Академия орто кесиптик, жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын, ошондой эле кошумча билим берүү курстарын ишке ашыруу менен бирге, илимий-изилдөө, илимий-методикалык, эксперттик-аналитикалык жана басма ишмердүүлүгүн да жүргүзөт. Окуу жай диний билим берүү тармагындагы жалпы улуттук максаттарга жана милдеттерге салым кошуу менен бирге, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана салттуу ислам түшүнүгүн бекемдөө багытында иш алып барат. Бул максаттарды ишке ашырууда тиешелүү мамлекеттик мекемеден билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн атайын лицензиялар алынды жана 2025-2026-окуу жылы үчүн алгачкы студенттерди кабыл алуу кызуу жүрүп жатат.

## ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТКА ШАЙКЕШ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ

- Өлкөбүздө дин жана билим берүү маселелерине байланыштуу укуктук ченемдер жалпы дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташтырылганы анык. Бул багытта негизги укуктук база катары 1948-жылдын 10-декабрында Бириккен Улуттар Уюму тарабынан кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясын, ошондой эле 1981-жылдын 25-ноябрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган “Диндин жана ынанымдардын негизинде сабырсыздыктын жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө” декларацияны белгилөөгө болот. Ал эми Борбор Азия элдери салттуу түрдө карманып келген Ханафий мазхабы жана Матуридий акыйдасы акыл-эске, илим-билимге жана коомдук өнүгүүгө негизделген мазмуну менен өзгөчөлөнөт. Бул багыт ислам дининин түпкү баалуулуктарын улуттук каада-салттар менен шайкеш алып жүрүүгө шарт түзөт. Аны менен катар адам укуктарын сактоо, диний сабырдуулук жана коомдук ынтымакты бекемдөө сыяктуу баалуулуктарды камтыйт. Бул өзгөчөлүктөр коомдо ынтымакты сактоого жана радикализм-экстремизмдин алдын алуу аракеттерине багытталган. Ошондуктан жогоруда айтылган эле аралык эрежелерге туура келген диний билим берүү миссиясын өлкө жетекчилиги Ислам академиясы аркылуу жүргүзүүнү колго алды. Бул максатты ишке ашыруу үчүн азыркы учурда аталган академия толук кандуу иштеп жатат.

## ЖОГОРКУ ДИНИЙ САБАТТУУЛУК – УЧУР ТАЛАБЫ

- Диний сабатсыздыкты жоюу жана туура диний билим берүү - улуттук коопсуздуктун маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Маселен, соңку жылдары дүйнө жүзүндө, анын ичинде Борбордук Азияда да диний радикализм жана экстремизм коркунучу көйгөйлүү маселелерден десек болот. Ислам динин бурмалап түшүндүргөн деструктивдүү күчтөрдүн терс кесепеттерине жол бербестен, радикализмдин жана экстремизмдин бардык түрлөрүнө каршы комплекстүү чараларды көрүү өзгөчө мааниге ээ. Эң оболу кыргыз элинин улуттук каада-салды, маданий мурасында башка адамдын укугун тепсөө, кемсинтүү жана орой мамиле кылуу сыяктуу жат көрүнүштөр жок. Мындан сырткары Ислам дини да табиятынан терс кыймыл аракеттерди жактабайт. Адам баласынын өмүрүн, кадыр-баркын жана укугун коргоп, ар дайым илим-билим аркылуу өзүн өнүктүрүүсүнө үгүттөйт. Улуттук жана диний баалуулуктарды айкалыштырган бешиктен мазарга чейин билим алуу принциби бекеринен айтылган эмес. Радикализм жана экстремизмди динге байланыштыруу сабатсыздыктын туу чокусу. Сабатсыздыктын бардык түрү менен күрөшүү, келечек муунду ар тараптуу илимдүү жана билимдүү кылып тарбиялоо баарыбыздын милдетибиз. Өлкөбүздөгү диний чөйрөдөгү адистер, окутуучулар жана илимпоздор диний агартуучулукту өркүндөтүү маанилүү экенин коңгуроо кылып баса белгилеп келишет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык конституциялык түзүлүштү өзгөртүү, светтик түзүмдү теократиялык моделге алмаштыруу же радикалдуу диний идеологияны жайылтуу мыйзам тарабынан тыюу салынган аракеттерге кирет. Бул жагдайда Ислам академиясынын мамлекет тарабынан колдоого алынып, диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты илим менен айкалыштырууга, билим аркылуу коомго кызмат кылууга багытталышы максаттуу болуп эсептелет.

## ДИНГЕ ЧАКЫРУУ ЖЕ ҮГҮТТӨӨ ИШТЕРИ БҮГҮНКҮ КҮНДҮН ШАРТТАРЫ МЕНЕН КОШТОЛУШУ КЕРЕК

- Кайсыл гана тармак болбосун билимдүү, адискөй, маселени түшүнгөн жана ошого жараша иш алып барган кадрга муктаждык бар. Бул муктаждык канааттандырылганда гана жыйынтык мыкты болоору анык. Мисалы, коомчулукка динди жайылтуу маселеси боюнча ар түрдүү пикирлер айтылып жүрөт. Динге чакыруу жолдору бүгүнкү күндө өзгөрүп, учурдун талабына жараша жаңылanууга тийиш экендиги ачыкталууда. Эми мындан ары динге чакыруу иштерин мамлекеттин диний чөйрөдөгү бирдиктүү саясатынын алкагында көзөмөлдөө зарыл. 2025-жылдын 21-январында кабыл алынып, күчүнө кирген “Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы билим берүү жана дин беренеси, диний билим берүүнүн багытын ачык-айкын белгилеп берди десек болот. Мындан улам Ислам академиясы диний насаатчыларды даярдоо, квалификациясын жогорулатуу, дин кызматкерлеринин коомчулук менен иштөө усулун жакшыртуу, деструктивдүү агымдарга каршы туруу жөндөмдүүлүгүн бекемдөө жана чет өлкөдөн диний билим алып келген кыргыз жарандарын өндүрүшкө киргизбей туруп кайра даярдоо курстарын уюштуруп, диний агартуу жаатында мамлекеттин көзөмөлүндө билим берген жалгыз жогорку окуу жай экендигин канааттануу менен белгилегим келет.

## БИРИНЧИ ЖОЛУ МАМЛЕКЕТТИК КАРЖЫЛОО МЕНЕН АЧЫЛГАН ОКУУ ЖАЙ

- Коомдо динге болгон кызыгуунун жогорулашы, эл арасында объективдүү, систематикалык жана илимге негизделген салттуу ислам баалуулуктарына ылайык диний билимге муктаждыкты күчөттү. Бул муктаждыкка жооп катары жана бул реалдуулуктардын шартында теологиялык билим берүү чөйрөсүн илимге негизделген, мамлекеттик каржылоого ээ болгон системага айлантуу зарылчылыгы келип чыкканын белгилөө абзел. Ошол эле учурда, КР Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы КР жалпы билим берүү уюмдарында “Диндердин өнүгүү тарыхы” предметин киргизүү жөнүндө Жарлыгына ылайык жалпы билим берүү мекемелеринде окутулуп жаткан “Диндердин өнүгүү тарыхы” предмети - жаш муундун диний сабаттуулугун жогорулатууда, алардын ар түрдүү диний түшүнүктөргө критикалык ой-жүгүртүү менен жооп берүүгө жана сабаттуу мамиле кылуу жөндөмдөрүн калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Бул сабак аркылуу окуучуларга дүйнөлүк диндердин тарыхый жол-жобосу, ар кыл маданий жана философиялык агымдар жөнүндө объективдүү маалымат берилет. Окуучулар билим берүү ордосун аяктап, коомдук жашоого кадам таштаган учурда дин деген терминдерди айырмалай алат, диний радикалдашууга каршы интеллектуалдык иммунитетке ээ болот жана дин тутуу эркиндиги мыйзамынын нормаларын сактайт. Демек, бул предметти сапаттуу кадрлар жана мазмундуу окуу материалдары менен камсыз кылуу – улуттук коопсуздуктун, биримдиктин жана руханий туруктуулуктун ажырагыс бөлүгү катары каралуусу керек. Ошондуктан өлкө жетекчиси тарабынан атайын Ислам академиясы түзүлүп олтурат.

**Мамлекеттин колдоосу менен теология жаатындагы адистердин алдында төмөнкүдөй милдеттер турат:**

1. Диний билим берүүнүн (жалпы, орто кесиптик, жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки) сапатын жогорулатуу;
2. Илимий-изилдөө, методикалык, эксперттик жана аналитикалык иштерди жүргүзүү;
3. Жогорку квалификациялуу теолог-адистерди даярдоо;
4. Диний уюмдардын өкүлдөрүнүн мамлекет алдындагы милдеттерди так жана жоопкерчилик менен аткарышын камсыздоо үчүн кайра даярдоо курстарынан өтүү, дасыгууну байма-бай жогорулатып туруу.

Бул иш-аракеттер улуттук коопсуздукту камсыздоо, коомдук ынтымакты бекемдөө жана жарандардын укуктук аң-сезимин жогорулатуу жаатында мамлекет үчүн артыкчылыктуу багыт катары каралышы керек.

# ЯСЫ – АТАЛАР БАСКАН ЖОЛ





**2025–2026-окуу жылында кабыл алуу төмөнкү багыттар боюнча жүрөт:**

*Орто кесиптик билим берүү:*

• Теология колледжи;
• Чет тилдер (араб жана англис тилдери) колледжи.

*Бакалавр программалары:*

• Теология
• Дин таануу
• Филология (Араб филологиясы)

*Магистратура:*

• Теология

**АКАДЕМИЯНЫН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ:**

1. Орто кесиптик, жогорку, магистрдик жана кошумча билим берүү тармагында диний билим берүүнү ишке ашыруу;
2. Теология жана дин таануу чөйрөсүндө илимий-изилдөө, методикалык, эксперттик жана аналитикалык иштерди жүргүзүү жана басма иштерин ишке ашыруу;
3. Мамлекеттик дин саясатына ылайык салттуу ислам түшүнүгүн терең изилдеп, жайылтуу;
4. Араб, парсы, англис жана орус тилдерин эркин өздөштүргөн, жогорку кесипкөйлүккө ээ кадрларды даярдоо;
5. Учурдагы диний кызматкерлерди, медреселердин окутуучуларын жана чет өлкөдөн диний билим алып келген жарандарды кайра даярдоодон өткөрүп, квалификациясын жогорулатуу.

**АКАДЕМИЯНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРАСЫ:**

Ислам академиясынын билим берүү кампусу заманбап талаптарга ылайык курулган. Комплексте төмөнкүдөй беш негизги бөлүк орун алган:

**1. Окуу имараты** – 400 орундуу заманбап аудиториялар, илимий-изилдөө лабораториялары, электрондук жана салттуу китепкана, конференц-зал жана эмкана менен камсыздалган. Бардык кааналар интерактивдүү такталар жана санариптик технологиялар менен жабдылган. Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын билим алуусуна шарттар каралган.

**2. Спорт комплекси** – спорттук жана машыгуу залдары, ошондой эле ачык асман алдындагы футбол жана баскетбол аянтчалары менен студенттердин ден соолугун чыңдоого мүмкүнчүлүк берет.

**3. Жатакана** – 200 орундуу жатаканада бардык керектүү шарттар: душ, кир жуугуч жайлар, эс алуу бөлмөлөрү бар.

**4. Ашкана** – бардык санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берип, студенттерге күнүнө үч маал ысык тамак берилет.

**5. Окуу-практикалык мечит** – студенттер диний билимди практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**ОКУУ АКЫСЫН МАМЛЕКЕТ КАРЖЫЛАЙТ**

Бакалавр программаларына Жалпы республикалык тестирлөөнүн негизинде катталган академиянын студенттери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гранттарынын (бюджеттик орундардын) негизинде акысыз окутулат. Бөлүнгөн гранттык орундардан сырткары контракттык келишимдин негизде билим алуу мүмкүнчүлүктөрү да каралган. Окутуу мамлекеттик жана расмий тилде жүргүзүлөт. Академиянын абитуриенттери бардык шарттар менен камсыздалган жатаканада жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР**

Теология жана дин таануу профилин бүтүрүп, мамлекеттик үлгүдөгү диплом алган бүтүрүүчүлөр диний саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдарда (КР Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик, ИИМ, УКМК, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ж.б.) кызмат кылат. Ошондой эле мектептерде, лицейлерде, колледждерде, жогорку окуу жайларда жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын түзүмдөрүндө иштей алат. Ал эми чет тили жана филология профилин бүтүрүп, мамлекеттик үлгүдөгү диплом алган бүтүрүүчүлөр тийиштүү чет тилин окутуп-үйрөткөн окуу жайларда, тил үйрөтүү борборлорунда, котормо агенттиктеринде жана элчиликтердин катчылыгы кызмат орундарында эмгектенсе болот.

**КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ**

Негизги кесиптик билим берүүдөн сырткары академия квалификацияны жогорулатуу жана кайра даярдоо багытында да ишмердүүлүк жүргүзөт. Жогорку диний билим берүүнү өнүктүрүү менен бирге, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын алкагында төмөнкү иш-чараларды да жүзөгө ашырат:

1. Диний билим берүүнүн системалаштыруу жана академиялык негизде дин таануу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү;
2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн диний чөйрөдө мамлекеттик саясат боюнча курстарды уюштуруу;
3. Диний кызматкерлердин билимин жана квалификациясын жогорулатуу;
4. Диний окуу жайлардын программаларына укуктук маданият, жарандык идентүүлүк жана диний сабырдуулук элементтерин интеграциялоо;
5. Диний билим берүүнүн укукка ылайык, адам укуктарын сыйлаган жана улуттук баалуулуктарга негизделген моделин түзүү;
6. Дин кызматкерлеринин (имамдар жана диний насаатчылар) квалификациясын жогорулатуу жана диний окуу жайлардын жетекчилери менен мугалимдеринин документ менен иштөө, окутуу чеберчилигин өнүктүрүү;
7. Жергиликтүү бийлик жана коопсуздук органдарынын кызматкерлерине диний терминологияны туура түшүндүрүү боюнча сабаттуулукту жогорулатуу;
8. Чет өлкөлөрдө диний билим алып келген жарандар үчүн адаптациялык-пробациялык программаларды ишке ашыруу;
9. Муфтият жана казыят менен кызматташтыкта бейөкмөт уюмдарда жана кайрымдуулук фондорунда иштегендердин диний билим деңгээлин жогорулатуу жана коомчулук менен иштөө көндүмдөрүн жакшыртуу;
10. Ислам каржылоосу, ислам психологиясы, дин социологиясы жана дин педагогикасы багыттарында илимий-методикалык жана билим берүү иштерин жүргүзүү, адистерди даярдоо, семинар-тренингдерди өткөрүү жана практикалык-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу аркылуу коомдогу руханий жана социалдык муктаждыктарга жооп берүү;
11. Баланын өнүгүүсүндө эмоционалдык, диний жана маданий баалуулуктардын мааниси, зомбулуктан алыс тарбия берүү, ата-энелик жоопкерчилик жана ыймандуу үй-бүлө куруу маселелери камтылган ата-энелер үчүн позитивдүү ата-энелик курстарын уюштуруу, кызыктар тараптар менен кызматташуу;
12. Бала тарбиялоодо улуттук жана диний баалуулуктарды айкалыштыруу, нике жана үй-бүлө маселелерине жоопкерчиликтүү мамиле кылуу, жубайлардын ортосундагы урмат-сый жана түшүнүшүү сыяктуу темалар камтылган жаштар үчүн үй-бүлөлүк баалуулуктар боюнча окуу программаларын ишке ашыруу;
13. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун, аялдарга жана жаш балдарга карата зомбулуктун алдын алуу максатында коомчулукка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
14. Социалдык өнөктөштөр менен биргеликте окутуу курстарын, тренингдерди жана коомдук медиа өнөктүктөрдү уюштуруу менен зомбулуктун алдын алууга багытталган ыймандуулукка, укукка жана маданиятка негизделген мамилени калыптандырууну;
15. Диний жана илимий материалдарды кыргыз тилинде даярдоо, окуу куралдарын иштеп чыгуу жана китепкана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
16. Кыргыз тилинде сапаттуу окуу материалдарын, методикалык колдонмолорду жана диний адабияттарды түзүү аркылуу улуттук билим берүү системасына салым кошуу;
17. Заманбап электрондук жана басма китепканалар аркылуу студенттер менен окутуучулардын илимий маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
18. Илимий журнал чыгаруу жана эл аралык деңгээлге чыгуу максатында Scopus жана QS сыяктуу илимий жана билим берүү рейтингдерине кирүү багытында иш алып барууну көздөйт;
19. Улуттук баалуулук менен диний баалуулукту айкалыштырган муунду тарбиялоо.

Академия жогоруда көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашырууда илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, эл аралык кызматташтыты өнүктүрүү жана Кыргызстанда салттуу Ислам түшүнүгүнүн академиялык деңгээлде калыптанышын камсыз кылуу багытында тийиштүү аракеттерди жүргүзөт.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**









## 2025-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЬ – НОЯБРЫНДА ЖАРАНДАРДЫ МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨГӨ КЕЗЕКТЕГИ ЧАКЫРУУ ҮЧҮН РЕСПУБЛИКАЛЫК ЧАКЫРУУ КОМИССИЯСЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын жетектөө, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерине карата жарандардын даттанууларын жана кайрылууларын кароо, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерин жана жарандарды мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөгө чакыруу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарын тандап текшерүү үчүн Республикалык чакыруу комиссиясы тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандарды кызмат өтөө жерине жөнөтүүнүн алдында контролдук медициналык кароодон өткөрүү үчүн Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Балыкчы, Талас жана Кадамжай шаарларындагы топтоо пункттарын врач-адистер (терапевт, хирург, невропатолог, дерматолог, окулист, отоларинголог, стоматолог, психиатр, рентгенолог-фтизиатр) жана орто медициналык персонал менен камсыз кылсын;

2) ден соолугунун абалы кошумча изилдөөлөрдү талап кылган чакырылуучуларды дарылоо-профилактикалык мекемелерде кезексиз стационардык (амбулатордук) медициналык текшерүүнү камсыз кылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги 2025-жылдын сентябрь – ноябрында чакыруу күнүнө карата 18 жашка толгон, чакыруу мөөнөтүн кийинкиге калтырууга укугу жок, ошондой эле чакырууну кийинкиге калтыруу укугунан ажыраган эркек жынысындагы жарандарды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө, башка аскердик түзүлүштөрүнө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарына мөөнөттүү аскердик кызматка жана альтернативдик кызматка чакыруу боюнча иш-чараларды уюштурсун.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-августу, №524***

## ЖОЛ КЫЙМЫЛЫНЫН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жол кыймылынын коопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу жана аны камсыз кылуу боюнча чараларды өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаменти жөнүндө жободо:

– 14-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо, жол кыймылынын коопсуздугуна аудит жүргүзүү, оңдоо жана күтүү жана жол чарбасынын муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу;";

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"– жол кыймылынын коопсуздугуна аудит жүргүзүү үчүн аккредиттелген адистерди жана уюмдарды дайындоо, координациялоо жана тартуу;".

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №512 "Кыргыз Республикасынын аймагында автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын пайдалануу жана аларды коргоо тартибин жана Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун классификациялоо жана номерлештирүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын пайдалануу жана аларды коргоо тартибинде:

– 30-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма төртүнчү абзац менен толукталсын:

"– транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипке ылайык жол кыймылынын коопсуздугуна аудит жүргүзүүнү камсыз кылууга.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-августундагы №538 "Автомобиль жолдорун долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Автомобиль жолдорун долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо тартиби жөнүндө жободо:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"жол кыймылынын коопсуздугунун аудити – долбоорду ишке ашыруунун бардык этаптарында жол кыймылынын катышуучулары үчүн тобокелдиктерди аныктоо жана алдын алуу максатында жүргүзүлө турган долбоордук чечимдерди жана жол инфраструктурасынын элементтерин көз карандысыз, системалуу жана техникалык текшерүү.";

– 6-главанын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "6. Жол кыймылынын коопсуздугунун аудитин жүргүзүү, долбоордук жана жумушчу документацияны макулдашуу, экспертизалоо жана бекитүү";

– 18-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Заказчы жол кыймылынын коопсуздугунун аудитин жүргүзүүнү жана ДжЖД экспертизалоону камсыз кылат. Жол кыймылынын коопсуздугунун аудитин жүргүзүү, ДжЖД макулдашуу жана экспертизалоо мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $18^1$-пункт менен толукталсын:

"$18^1$. Жол-транспорт кырсыктарынын тобокелдигин төмөндөтүү максатында заказчы ДжЖД экспертиза жүргүзүлгөнгө чейин жол кыймылынын коопсуздугунун аудитин жүргүзүүнү демилгелөөгө укуктуу.

Автомобиль жолдорунун коопсуздугунун аудитин жүргүзүү тартиби, анын ичинде катышуучулардын милдеттерин белгилөө, аудит жүргүзүлүүгө тийиш болгон автомобиль жолдорунун долбоорлорун тандоо критерийлерин аныктоо, ошондой эле жол-жоболорду, отчеттуулукка карата талаптарды жана кийинки аракеттерди регламенттөө транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-августу, №525***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын аймагында социалдык объекттерди куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 3, $12^2$-пункттарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 5-августундагы №202 токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Ленин районунун №21, 25 контурларында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган жалпы аянты 11,47 га сугат айдоо жер тилкеси социалдык объекттерди куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) өздүк каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

5) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүү аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тиешелүү коргоо аралыктарын сактоону;

8) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону;

9) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын ченемдерине ылайык айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-августу, №526***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНУН СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын тилкелеринен Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылынын Чет-Булак тилкесине көчүрүлүүгө тийиш болгон жарандарды жайгаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 29-апрелиндеги №01-18/1736 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 22-апрелиндеги №37, 2025-жылдын 28-майындагы №43 жана 2025-жылдын 29-майындагы №44 токтомдорун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 57,0 га жер тилкеси "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

– №1328 (12,07 га), №1325 (0,30 га), №1324 (1,55 га), №1323 (1,65 га), №1342' (12,09 га), №1335 (7,36 га), №1336 (5,54 га), №1337 (2,51 га), №1340 (1,58 га), №1338 (0,90 га), №1334 (0,90 га), №1333 (2,80 га), № 1332 (2,54 га), № 1327 (3,87 га), 1329 (0,34 га) контурлардагы 56 га – таштак жайыттар;

– №1326 контурдагы 1,0 га – курулуш алдындагы жерлер.

**2.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

3) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жамгырдын жана кардын эриген сууларын коопсуз буруу системасынын иштешин, башкы планда жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

5) жеке каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык- экономикалык өнүктүрүүнү уюштурууну;

6) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын ченемдерине ылайык айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-августу, №527***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№65 (3721)
2025-жылдын 29-августу


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ «Е-ДИПЛОМАТ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 19-июнундагы №184 «Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемеси түзүлсүн.

**2.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемесинин чектүү штаттык саны 2-тиркемеге ылайык.

**3.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) кызматтык маяналарды эсептөө үчүн негиз болуп эсептелген 7040 сом өлчөмүндөгү минималдуу базалык ставка;

2) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттери 3-тиркемеге ылайык;

3) эмгектин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы, кесиптик демилге көтөргөндүгү жана ченемделбеген иш режими үчүн кызматтык маянага 50 пайыз өлчөмүндө үстөк акы.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №113 «Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 4-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 463,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 245,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 1) 2026-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 465,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 247,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 2) 2027-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 467,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 249,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 3) 2028-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 469,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 251,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 4) 2029-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 471,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 253,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 5) 2030-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 473,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 255,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 6) 2031-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 475,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 257,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 7) 2032-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 477,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 259,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |
| 8) 2033-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | 479,5 | 232 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 207 | 36 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 11 | 5 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү (*****) | | 40 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери | 261,5 | 151 |
| | анын ичинде: | | |
| | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жиберилгендер | | 61 |
| | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелери тарабынан жалдангандар (*) | | 90 |

»;

– эскертүүнүн 3-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«(*****) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемесин күтүү Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин атайын эсебинин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.».

**6.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу «Е-Дипломат» мамлекеттик мекемесин юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрсүн жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 26-августу, №528***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №245 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНДӨ, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮЛҮШТӨРҮНДӨ ЖАНА МЫЙЗАМ МЕНЕН АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНДА ОФИЦЕРДИК КУРАМДЫН ЖАНА ПРАПОРЩИКТЕРДИН КОНТРАКТ БОЮНЧА АСКЕРДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨ (ЗАПАСТА БОЛУУ) ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Административдик тоскоолдуктарды азайтуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-апрелиндеги №245 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызмат өтөө (запаста болуу) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызмат өтөө (запаста болуу) тартиби жөнүндө жободо:

– 25-пунктта:

он экинчи абзацтагы "нотариустан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

он үчүнчү абзацтагы "нотариустан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Берилген документтердин ишенимдүүлүгү жана аныктыгы үчүн жоопкерчилиги аларды берген жаран тартат.";

– 50-пунктта:

алтынчы абзацтагы "нотариалдык күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

"Берилген документтердин ишенимдүүлүгү жана аныктыгы үчүн жоопкерчилиги аларды берген жаран тартат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 27-августу, №529***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САЛЫК САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 12-февралындагы №37 "Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 19-ноябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чегарасында эл аралык автомобилдик, аба жана темир жол катнашы үчүн арналган өткөрүү пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун иштерин тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордогу контролдоо пункттарынын тизмегинде:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сосновка | Чүй облусунун Жайыл району | Күнү-түнү | + | - | + | + | + | + |

".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №84 "Иштин түрлөрү боюнча патенттин негизинде салыктын базалык суммасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) $1^{1}$-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"0 пайыз өлчөмүндөгү патенттин ставкасы Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 8-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жеке ишкер жакын тууганын жалданма кызматкер катары ишке тарткан учурда колдонулат.";

2) 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) ушул токтомдун 2-тиркемесинин 12-пункту жана 30-пунктунун 2-пунктчасы 2025-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирет.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы №93 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 99, 100, 120, 125, 302 жана 324-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Салык органдары тарабынан камералык текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– 3-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ыйгарым укуктуу салык органы салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктери жөнүндө, ошондой эле салыктык отчеттуулукту толтурууда салык төлөөчү тарабынан кетирилген башка каталарды күбөлөндүрүүчү маалыматтарды алган учурда, эгерде ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан тиешелүү көчмө текшерүүнү дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынбаса, ыйгарым укуктуу салык органы бул маалыматтарды аймактык салык органына камералык же көчмө текшерүү жүргүзүү үчүн жиберет.";

– 16-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"16. Салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктери, ошондой эле салыктык жана башка отчеттуулукту толтурууда кетирилген башка каталар аныкталган учурда салык органы камералык текшерүүнүн натыйжалары боюнча түзүлгөн маалыматты жана көрсөткүчтөрдүн дал келбестиктери жана/же каталар аныкталгандыгы жөнүндө билдирүүнү тариздейт жана аларды четтетүү үчүн салык төлөөчүгө тапшырат.";

– 19-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. Камералык текшерүүнүн жүрүшүндө салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктери, ошондой эле салыктык отчеттуулукту толтурууда салык төлөөчү тарабынан кетирилген башка каталар аныкталган учурда аталган текшерүүнү жүргүзгөн салык органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан ыйгарым укуктуу салык органы бекиткен форма боюнча камералык текшерүүнүн маалыматы түзүлөт.";

– 20-пунктта:

8-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8) текшерилүүчү салык мезгили, анын ичинде салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктери, ошондой эле салыктар, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча отчеттуулукту толтурууда салык төлөөчү тарабынан кетирилген башка каталар аныкталган мезгил;";

11-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11) салык төлөөчүдө салыктык милдеттенмени эсептөөнүн тууралыгы боюнча ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестигинин болушу жана/же камералык текшерүү жүргүзүү үчүн негиз болгон каталар бар экендиги жөнүндө күбөлөндүрүүчү документтер, отчеттор жана маалымат булактары жөнүндө маалыматтар;";

– 21-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"21. Камералык текшерүүнүн маалыматында салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн аныкталган дал келбестиктери жөнүндө маалыматтар, ошондой эле салык төлөөчү тарабынан салыктык жана башка отчеттуулукту толтурууда кетирилген башка каталар чагылдырылат.";

– 24-пункттагы "фактыларга" деген сөз "салык органынын жүйөлөрү" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 28-пункттагы "төмөндөтүлгөн же жогорулатылган салык суммаларынын" деген сөздөр "салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктеринин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 29-пункттагы "салыктын, салыктык эмес кирешелердин жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төмөндөтүлгөн же жогорулатылган суммаларынын жана/же башка каталардын фактыларын" деген сөздөр "салыктык милдеттенмелерди эсептөөнүн тууралыгы жана/же башка каталар бөлүгүндө салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн дал келбестиктерин жана/же башка каталарды" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 38-пункттагы "аныкталган дал келбестиктер жана/же каталар фактылары боюнча" деген сөздөр "салык төлөөчүнүн ишинин көрсөткүчтөрүнүн аныкталган дал келбестиктери жана/же башка каталар боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Товарлардын импортуна кошумча нарк салыгын шарттуу эсептөө режимин колдонуу тартиби жана шарттары жөнүндө жободо:

– 5-пункттун 5-пунктчасындагы "жана электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды" деген сөздөр алып салынсын;

– 12-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Үчүнчү өлкөлөрдөн товарларды импорттоодо салык төлөөчү бажы органына товарлардын импортуна КНСти шарттуу эсептөө режимин колдонуу жөнүндө арыз менен кайрылат.

Ыйгарым укуктуу салык органынын салык төлөөчүнү Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 324-беренесинде белгиленген режимди колдонгон субъект катары каттоо жөнүндө ырастоосу "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жүргүзүлөт.";

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 324-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык КНСти шарттуу эсептөө режими колдонулган учурда салык төлөөчү бажы органына бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган бекиткен форма боюнча милдеттенме берет.";

– 19-пункттун биринчи абзацындагы "180" деген цифралар "210" деген цифраларга алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $20^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$20^{1}$. Эгерде ушул Жободо каралган кайсы бир документтер талаптагыдай таризделбегендигине байланыштуу салык/бажы органы тарабынан кабыл алынбаса, ошондой эле документтердин толук комплекти берилбеген учурда салык төлөөчү арыз келип түшкөн күндөн тартып 15 (он беш) календардык күндүн ичинде салык/бажы органы тарабынан жазуу жүзүндө кабарланууга тийиш.

Салык төлөөчү кабарлоону алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде документтерди бербеген учурда салык/бажы органы товарлардын импортуна КНСтин шарттуу эсептелген суммалары боюнча милдеттенмелерди аткаруу эсебине төлөнгөн депозиттик каражаттарды кайтаруудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарат.

Арызды кароо мөөнөтү салык төлөөчүдөн документтерди талап кылуу мөөнөтүнө токтотулат.

Арыз берүү мөөнөтү өткөн жана салык/бажы органынын жазуу жүзүндөгү кабарлоосунда көрсөтүлгөн документтер берилбеген учурда депозиттик эсепке төлөнгөн импортко КНСтин суммасы салык мыйзамдарына жана бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык туумду эсептөө менен бюджетке которулат.";

– 22-пунктта:

экинчи абзацтагы "5-пунктунун 4-пунктчасы" деген сөздөр "5-пункту" деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтагы "13-пунктуна" деген сөздөр "13 жана 17-пункттарына" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы №94 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 336 жана 345-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пункттун алтынчы абзацындагы "1-январынан" деген сөздөр "1-майынан" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-февралындагы №95 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 59, 85, 127, 130, 131, 329, 414 жана 415-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана преамбуладагы "85" деген цифралар "81" деген цифраларга алмаштырылсын;

2) 1–3, 5-тиркемелер ушул токтомдун 1–4-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №106 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 109–115, 255, 256-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун 5-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-мартындагы №141 "Эсеп-фактураны колдонуу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пунктта:

– 2-пунктчанын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча нөлдүк ставканы колдонгон, катары менен акыркы 12 айдын ичинде түшкөн акчасынын көлөмү 15 000 000 сомдон ашпаган салык төлөөчүлөргө;";

– 4-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

– 5-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 8-пунктча менен толукталсын:

"8) электрондук эсеп-фактураны милдеттүү колдонуудан бошотулган салык төлөөчүлөр электрондук эсеп-фактуралардын маалыматтык системасынын катышуучулары катары ыктыярдуу тартипте катталууга жана электрондук документ түрүндөгү эсеп-фактураларды белгиленген тартипте тариздөөгө укуктуу.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Эсеп-фактураны түзүүнүн жана жүгүртүүнүн тартибинде:

– 12-пункттун 2-пунктчасындагы "10-пунктунда" деген сөздөр "11-пунктунда" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 27-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"27. Эгерде ушул главада башкача белгиленбесе, берүүлөргө эсеп-фактура анда иш жүзүндөгү берүү датасын көрсөтүү менен берүү күнүнөн кийинки беш жумуш күндөн кеч эмес мөөнөттө тариздел.

Товарларды сатууда, анын ичинде соода платформасы аркылуу сатууда, жеке ишкерлер болуп саналбаган салык төлөөчүлөр тарабынан калкка кызматтарды көрсөтүүдө жана жумуштарды аткарууда, ошондой эле уюмдарга жана жеке ишкерлерге жумуштарды аткарууда жана кызматтарды көрсөтүүдө электрондук документ түрүндөгү эсеп-фактура отчеттук айдан кийинки айдын он жумуш күнүнөн кеч эмес тариздел.";

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-мартындагы №150 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 80, 85, 138, 139 жана 140-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышындагы жана преамбуладагы "85" деген цифралар "81" деген цифраларга алмаштырылсын;

2) ушул токтомдун 1, 2-тиркемелери ушул токтомдун 6, 7-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды эсепке алуу жана контролдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 11-пункттун экинчи абзацындагы "31-марты" деген сөздөр "31-декабры" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**10.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №221 "Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуладагы "51, 261-беренелерине" деген сөздөр "4, 51, 59, 261-беренелерине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу тартибинде:

– 13-пункттун 2-пунктчасынын төртүнчү абзацындагы "төлөнбөгөн" деген сөз "таанылган" деген сөзгө алмаштырылсын.

**11.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №236 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдеринин, ошондой эле Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 18-тиркемесинин ченемдеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула "320" деген цифралардан кийин ", 321" деген цифралар менен толуктaлсын;

2) 1-пункттун 7-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 13-тиркемесинде:

*(Уландысы 17-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САЛЫК САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТОКТОМУ

*(Башталышы 16-бетте)*

– 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 6.17-пункт менен толукталсын:
“

| | |
|---|---|
| 6.17 | Ишкердик ишинде пайдаланылбаган, жеке жактардын өзүнчө пайдалануу үчүн бөлүнүп берилген турак эмес жайлары:<br>көп кабаттуу үйдүн жер астындагы бөлүгүндө жайгашкан унаа токтотуучу жайлар;<br>көп кабаттуу үйлөрдө жайгашкан, аянты 12 кв. м ашпаган кампалар, кургактыч жайлары жана башка жайлар |

”;

4) жогоруда аталган токтомдун 20-тиркемеси ушул токтомдун 8-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**12.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №687 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 107-беренесинин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 1–4-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеп турган же ээлеген жеке жактын бирдиктүү салык декларациясында көрсөтүлгөн маалыматтарды изилдөө тартиби жана талдоо жүргүзүүнүн негиздери жөнүндө жободо:

– 2-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2. Декларацияда көрсөтүлгөн отчеттук мезгил үчүн маалыматтарды изилдөө жана талдоо (мындан ары – Декларацияны талдоо) салык кызматынын органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 107-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин, ал эми мурунку жылдар үчүн Декларацияда чагылдырылбаган кирешелер жана мүлктөр жөнүндө маалыматтар алынган учурда жүргүзүлөт.”;

– 5-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Талдоо Декларантта саясий, атайын жана жогорку административдик мамлекеттик кызмат орундарын, саясий муниципалдык кызмат ордун ээлеп турган же ээлеген, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктер менен байланышкан адамдардын категориясына кирген Декларантты кошпогондо, Декларанттын жана анын жакын туугандарынын кирешелеринин, чыгашаларынын жана мүлктүк абалынын дал келбестиктери болгон учурда тобокелдиктерди автоматтык түрдө аныктоонун негизинде жүргүзүлөт.”;

– 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“8. Иши ачык эмес мүнөзгө жана улуттук коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин декларацияларына талдоо жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен бекитилген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат.”;

– 9-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“4) Декларанттын кирешелери, чыгашалары, мүлкү жана милдеттенмелери жөнүндө маалыматтарды берген мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардан, жарандардан алынган бардык маалыматтарды текшерүүнү караган толук текшерүү.”;

– 13-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“13. Декларацияны толук текшерүү декларацияланган маалыматтардын аныктыгын, декларацияланган активдерди баалоонун тактыгын аныктоо, кызыкчылыктардын кагылышуусунун жана мыйзамсыз баюу белгилеринин болушун же декларациялоо субъекти тарабынан мамлекеттик же муниципалдык кызматчынын функцияларын аткаруу менен байланышкан иш жүзөгө ашырылган мезгилде алынган активдердин негизсиздигин текшерүү үчүн жүргүзүлөт.”;

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) декларацияны саясий, атайын жана жогорку административдик мамлекеттик кызмат орундарын, саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктер менен байланышкан адамдардын категориясына кирген Декларанттын берүүсү;”;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген жеке жактар жөнүндө мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат берүү тартибинде:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3. Отчеттук мезгил үчүн жеке жактар жөнүндө маалыматты:

1) төмөнкүлөр ыйгарым укуктуу салык органына берет:

– мамлекеттик органдар отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-январына чейин ведомстводо мамлекеттик кызматтарды ээлеп турган же ээлеген кызматчылар боюнча;

– мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган отчеттук жылдан кийинки жылдын 31-январына чейин, республиканын мамлекеттик жана муниципалдык органдарында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген кызматчылар боюнча;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактык салык органына отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-январына чейин, ведомстводо муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген кызматкерлер боюнча.”.

**13.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги №214 “Социалдык жана мүлктүк эсептен чыгарууну алуу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Социалдык жана мүлктүк эсептен чыгарууну алуу тартибинде:

– 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“8. Билим алууга эсептен чыгаруунун өлчөмү мектептик билим берүүгө, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүгө билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын лицензиясы бар же билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө иш жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу органга кабарлаган Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмунун дарегине салык төлөөчү тарабынан төлөнгөн жана документтер менен ырасталган төлөмдүн суммасына барабар, бирок билим алууга эсептен чыгаруулары эсепке албастан салык төлөөчүнүн салыктык базасынын өлчөмүнүн 10 пайызынан ашык эмес, ал эми багуусунда үч жана андан ашык адам бар салык төлөөчүлөр үчүн – билим алууга эсептен чыгарууларды эсепке албастан салык төлөөчүнүн салыктык базасынын өлчөмүнүн 25 пайызынан ашык эмес белгиленет.”;

– 12-пункттун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиясы жөнүндө маалыматтар же болбосо дарегине салык төлөөчү тарабынан акы төлөнгөн Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмуна берилген мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү ишти жүзөгө ашыруу жөнүндө кабарлоолор;”;

– 14-пункттун 10-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**14.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы №361 “Отунду маркалоону киргизүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) 2024-жылдын 1-октябрынан тартып ТЭИ ТН 3811190000, 2710122509, 2710122100 товардык позицияларында классификацияланууучу автомобилдик отун катары колдонууга арналбаган, көлөмү 10 литр жана андан аз болгон идиштерге куюлган суюк тазалагычтарды, автомобилдер үчүн спрейлерди жана уайт-спириттерди кошпогондо, ТЭИ ТН 2707101000, 2709001001, 2709001009, 271012110–271012900, 2710191100–2710191500, 2710192500, 2710120900, 3811119000, 3811190000 товардык позицияларында классификацияланууучу мотор бензиндери, атайын, жеңил жана орто дистилляттар, башка бензиндер жана дистилляттар, кошумдар жана антидетонаторлор, ТЭИ ТН 2710193100–2710194800, 710201100–2710201900 товардык позицияларында классификацияланууучу дизелдик отун жана ТЭИ ТН 2710192900 товардык позициясында классификацияланууучу орто дистилляттар (кышкы дизелдик отунга карата) отун маркери менен маркаланууга тийиш;”.

**15.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы №363 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 146-беренесинин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктар, төлөм уюмдары/төлөм системасынын операторлору тарабынан салык кызматынын органдарына маалымат берүү тартибинде:

– 12, 13-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“12. Салык төлөөчүлөрдүн банктык эсептеринин бар экендиги жана алардын номерлери жөнүндө маалымат алуу үчүн салык кызматынын органы банкка салык төлөөчүнүн идентификациялык салык номерин, жеке ишкердин аты-жөнүн же уюмдун аталышын көрсөтүү менен суроо-талап жөнөтөт.

13. Банк салык органынын суроо-талабы келип түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан аныкталуучу маалыматтарды сактоо мөөнөттөрүн эске алуу менен салык төлөөчүнүн банктагы бардык учурдагы жана/же мурда болгон эсептери боюнча эсептин номерин, түрүн, ачылган датасын жана жабылган датасын (жабык эсептер боюнча) камтыган жоопту берүүгө милдеттүү.”;

– 2-глава төмөнкүдөй мазмундагы $13^1$-пункт менен толукталсын:

“$13^1$. Уюмдарга жана жеке ишкерлерге эсеп ачууда же жабууда банк маалыматтык система аркылуу зарыл маалыматтарды чагылдыруу менен ыйгарым укуктуу салык органына төмөнкүдөй тиешелүү маалыматты жөнөтүүгө милдеттүү:

1) эсеп ачууда эсептин түрүн, ачылган датасын жана номерин көрсөтүү менен;

2) эсепти жабууда эсептин түрүн, жабылган датасын жана номерин көрсөтүү менен.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы $7^1$-глава менен толукталсын:

“$7^1$-глава. Ислам принциптери боюнча алынган кредит/каржылоо жана ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзгөн банктар үчүн ал боюнча төлөнгөн пайыздар/эквиваленттер жөнүндө маалымат берүү

$25^1$. Мүлктүк эсептен чыгарууну алууга арыз берген жеке жактын тиешелүү жыл үчүн турак жай фондуна таандык кыймылсыз мүлктү сатып алууга жана/же курууга ислам принциптери боюнча алынган, кайтарылган кредиттин/каржылоонун (мындан ары – кредит) жана ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзгөн банктар үчүн алар боюнча төлөнгөн пайыздар/эквиваленттер (мындан ары – кредит) жөнүндө маалымат алуу үчүн салык кызматынын органы салык төлөөчүнүн аты-жөнүн, идентификациялык салык номерин жана талап кылынган маалыматты көрсөтүү менен электрондук суроо-талап жөнөтөт.

$25^2$. Суроо-талап календардык жылдар үчүн Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде белгиленген доонун эскирүү мөөнөтүнө ылайык жөнөтүлүшү мүмкүн.

$25^3$. Банк салык органынын тиешелүү суроо-талабын алган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде банк тиешелүү жыл үчүн турак жай фондуна таандык кыймылсыз мүлктү сатып алууга жана/же курууга алынган, кайтарылган кредиттин суммасы жана алар боюнча төлөнгөн пайыздар жөнүндө маалыматты чагылдыруу менен суроо-талап алынган электрондук формада жооп берүүгө милдеттүү. Ар бир календардык жыл үчүн маалымат өзүнчө түзүлөт.”.

**16.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 5-февралындагы №60 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 307-беренесин ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Тобокелдиктерди башкаруу системасына ылайык тобокелдик белгилери бар товарларды берүүнүн салык салынуучу наркы жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден ташып киргизилген товарлардын импортунун салык салынуучу наркы боюнча кошумча нарк салыгынын салыктык базасын аныктоо жана колдонуу тартибинде:

– 2-пункттун 5, 6-пунктчалары, 15–18-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын.

**17.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-апрелиндеги №232 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-февралындагы №95 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 59, 85, 127, 130, 131, 329, 414 жана 415-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун 1-пунктунун 2, 3-пунктчалары;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №705 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин салыктык башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 4-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-майындагы №281 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №106 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 109-115, 255, 256-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун 1-пунктунун 2-пунктчасы;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №470 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин салык салуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 7-пункту, 9-пунктунун 1-пунктчасы, 12-пунктунун 1-пунктчасы;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-октябрындагы №554 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-мартындагы №150 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 80, 85, 138, 139 жана 140-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-февралындагы №83 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-февралындагы №95 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 59, 85, 127, 130, 131, 329, 414 жана 415-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-августундагы №499 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин салык мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 2-пункту.

**18.** Бул токтом төмөнкүлөрдү кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет:

1) 2025-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирүүчү 2-пункттун 2-пунктчасын;

2) 2025-жылдын 1-майынан тартып күчүнө кирүүчү 4-пункттун экинчи абзацын;

3) 2025-жылдын 12-апрелинен тартып күчүнө кирүүчү 7-пункттун 1-пунктчасынын бешинчи абзацын;

4) 2025-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирүүчү 11-пункттун 2, 3-пунктчаларын;

5) 2024-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирүүчү 14-пункттун үчүнчү абзацын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №533***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## БИШКЕК ШААРЫНЫН СЕЙИЛ БАК ЗОНАЛАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ИШТӨӨ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарындагы сейил бак зоналарын сактап калуу жана андан ары өнүктүрүү, экологиялык кырдаалды жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 26-майындагы №167 тескемесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын сейил бак зоналарын өнүктүрүү фондунун иштөө тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бишкек шаарынын мэриясына төмөнкүлөр сунушталсын:

– Бишкек шаарынын сейил бак зоналарын өнүктүрүү фондунун акча каражаттарын максаттуу пайдаланууну камсыз кылуу;

– бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрүү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 27-августу, №530***

## "МАМЛЕКЕТТИК ПЕНСИЯЛЫК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ДАЙЫНДАЛГАН ПЕНСИЯЛАРДЫ 2025-ЖЫЛДЫН 1-ОКТЯБРЫНАН ТАРТЫП ИНДЕКСАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин андан ары колдоону камсыз кылуу максатында, "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-статьясынын 4-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 1-октябрынан тартып:

1) пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо коэффициенти пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү 50 000 (элүү миң) сомго чейинки пенсиялар үчүн 1,10 өлчөмүндө бекитилсин;

2) "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2025-жылдын 1-октябрынан кийин дайындалуучу пенсиялардын жалпы өлчөмү ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, пенсиянын базалык бөлүгүн жеткирүүнүн эсебинен үстөктөрдү эске алуу менен 7100 (жети миң бир жүз) сомдон кем болбойт деп белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду:

1) "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2025-жылдын 1-октябрына чейин дайындалган пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрү 2025-жылдын 1-октябрынан тартып 1,10 өлчөмүндө пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо коэффициентине, бирок 600 (алты жүз) сомдон кем эмес жана пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү 50 000 (элүү миң) сомдон ашкан пенсия үчүн 5 000 (беш миң) сомдон көп эмес индексацияласын;

2) пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн өз убагында кайра эсептөөнү жана аларды жаңы өлчөмдөрдө төлөөнү камсыз кылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду үчүн бул токтомдун 1-пунктунун 2-пунктчасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон көлөмдө каражат карасын.


**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыялануута тийиш жана 2025-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №534***

## МУНИЦИПАЛДЫК ТАКСИ КЫЗМАТЫ ИШТЕЙ БАШТАДЫ




Ушул жумада Ош шаарынын муниципалдык такси кызматы сыноо режиминде иштеп баштады. Шаардык муниципалитеттин маалыматына ылайык, эко-таксилер алгачкы бир жума жүргүнчүлөрдү акысыз ташып, кызмат көрсөтүүгө VIP класстагы 2 унаа, 2 "комфорт", 1 "эконом" унаа чыккан. Ага улам 10дон машина кошулуп, бир жума ичинде саны 50гө жетет. Белгилей кетсек, 25-августта Ош шаарынын мэриясына Жалал-Абад облусунун тургунунан 10 унаа белекке берилген. Ошондой эле шаар мэри Жеңишбек Токторбаев жаңы кызматты ишке киргизүү үчүн мэрия электромобилдерди сатып алып жатканын билдирип: "Таксилер экологиялык жактан таза, шаарда жүрүүгө ыңгайлуу жана сапаттуу болот. Мындан ары өзүбүздүн такси кызматы менен шаардыктарга кызмат көрсөтөбүз" деди.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ИЧҮҮЧҮ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАНА САРКЫНДЫ СУУЛАРДЫ ЧЫГАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу секторунда ишти башкаруу системасын андан ары өркүндөтүү жана натыйжалуу уюштуруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17, 22-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу" мамлекеттик мекемеси тиешелүү функциялары, штаттык саны, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин карамагына өткөрүп берилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу" мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти деп кайра аталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси тиешелүү функциялары, штаттык саны, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин карамагына өткөрүп берилсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси деп кайра аталсын.

**5.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– эскертүүнүн 1-пунктунун $3^3$-пунктчасындагы "Суу ресурстары кызматынын алдындагы" деген сөздөр "Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин алдындагы" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6-пункттун 17-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинде:

– 10-пункттун төртүнчү абзацы, 11-пункттун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 12-пунктта:

1-пунктчанын сегизинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктчада:

бешинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

алтынчы абзацтагы "мамлекеттик каражаттардын, гранттардын, кредиттердин жана эл аралык долбоорлордун эсебинен каржылануучу ичүүчү суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин," деген сөздөр алып салынсын;

4) жогоруда аталган токтомдун 4-тиркемесинде:

– "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу" мамлекеттик мекемеси жана "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси позициялары алып салынсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун $20^2$-тиркемеси күчүн жоготту деп таанылсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 4-пункттун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**10.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-январындагы №39 «Ветеринария, өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы тармагындагы айрым маселелер жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 8-пункт күчүн жоготту деп эсептелсин.

**11.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 20-майындагы №264 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**12.** Күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №739 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы №69 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин ишинин чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункттун 9-пунктчасы;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-апрелиндеги №194 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин суу ресурстары чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту.

**13.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги:

– бул токтомдун 2 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн юридикалык жактарды белгиленген тартипте мамлекеттик кайра каттоону камсыз кылсын;

– бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**14.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин бекитилген штаттык санынын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**15.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**16.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №531***

**Умра менен алектенген мекемелерге кулак кагыш!**

**Сауд Арабия Падышалыгына умра зыяратын уюштурууну каалаган туристтик компанияларын аккредитациядан өтүүгө чакырабыз!**

***Урматтуу умра зыяраты менен алектенген мекеме жетекчилери жана өкүлдөрү, кадырлуу жеке тараптар! Үстүбүздөгү жылдын 15-сентябрына чейин аккредитациядан өтүүгө чакырабыз. Эгер өтпөстөн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн фирмалар болсо мыйзам чегинде чара көрүлөрүн маалымдайбыз.***

*Кыргыз Республикасынын «Дин эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча Улуттук агенттиктин 2025-жылдын 30-июлундагы №01-4/102 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын Сауд Арабия Падышалыгына Умра зыяратын уюштуруу жана жүзөгө ашыруу тартибин бекитүү жөнүндө» буйругуна, ошондой эле Кыргызстан мусулмандарынын Курултайы тарабынан бекитилген Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгынын уставына ылайык,*

***Сауд Арабия Падышалыгына умра зыяратын уюштурууну каалаган туристтик компанияларын аккредитациялоо боюнча документтер кабыл алынат.***

**Сауд Арабия Падышалыгына Умра зыяратын уюштурууну каалаган туристтик компанияларын аккредитациядан өткөрүү боюнча талаптар:**

1. Юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү же Жеке ишкердин каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
2. Уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү (бар болсо: устав, уюштуруу келишими);
3. Юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө чечимдин көчүрмөсү (бар болсо);
4. Жетекчини дайындоо жөнүндө ыйгарым укуктуу органдын чечиминин көчүрмөсү (бар болсо);
5. Кыргыз Республикасынын салык органдарынын алдында салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызы жок экендиги жөнүндө маалымкат;
6. Офис имаратынын бар экендигин тастыктаган документтер (техникалык паспорт же кеминде бир жылдык мөөнөткө түзүлгөн ижара келишими);
7. Сауд Арабия Падышалыгына (мындан ары – САП) зыярат уюштуруу тажрыйбасын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү:
   - Зыяратчылардын саны көрсөтүлгөн тейленген зыяратчылардын тизмеси;
   - САПка виза алууну тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү;
   - САПта жайгашкан мейманканалар менен түзүлгөн келишимдердин көчүрмөлөрү;
   - Авиаташуучулар менен түзүлгөн келишимдердин көчүрмөлөрү.
8. Сауд Арабия Падышалыгында жайгашкан кеминде 3 жылдыздуу мейманканалар жана авиаташуучулар менен кеминде бир жылдык мөөнөткө түзүлгөн келишимдердин көчүрмөлөрү.
9. Зыяратчылардан даттануулардын жана Сауд Арабия Падышалыгында Умраны уюштурууда кемчилик жана танкыстык жок экендигин тастыктаган документ (кепилдик кат).
10. Сауд Арабия Падышалыгына бара турган зыяратчыларды камсыздандыруу келишимдеринин көчүрмөлөрү, анын ичинде медициналык камсыздандыруу жана Умранын үзгүлтүккө учурашына байланыштуу тобокелдиктерди камсыздандыруу, кеминде бир жылдык мөөнөткө.
11. Сауд Арабия Падышалыгына зыяратчыларды трансфери боюнча келишимдердин көчүрмөлөрү.
12. Зыяратчылар менен зыяраттагы көрсөтүлүүчү кызматтар боюнча келишимдин долбоору;
13. Жетекчинин колу коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, берилген документтердеги маалыматтардын тууралыгын жана алар үчүн юридикалык жактын жоопкерчилигин ырастаган кепилдик кат.
14. Умра зыяраты менен алектенген Туристтик компаниялардын Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгы менен тиешелүү жарандык-укуктук бүтүмдөрдү түзүүгө даярдыгы.
15. Бардык документтердин көчүрмөлөрү юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек; чет тилинде түзүлгөн документтер кыргыз же орус тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен коштолушу керек.
16. Бардык документтер мазмунунун тизмеси менен жабык конвертте берилиши керек.

**Требования аккредитации для туристических компаний, претендующих на организацию Умры в Королевство Саудовская Аравия**

1. Копия свидетельство о государственной регистрации (перерегистрации) юридического лица либо свидетельства о регистрации (перерегистрации) Индивидуального предпринимателя;
2. Копия учредительных документов (при наличии: устав, учредительный договор);
3. Копия решения о государственной регистрации (перерегистрации) юридического лица (при наличии);
4. Копия решения уполномоченного органа о назначении руководителя (при наличии);
5. Справка об отсутствии задолженности по налогам и страховым взносам перед налоговыми органами Кыргызской Республики;
6. Документы, подтверждающие наличие офисного помещения (технический паспорт или договор аренды на срок не менее одного года);
7. Копии документов, подтверждающих опыт организации паломничества в Королевство Саудовская Аравия (далее – КСА):
   - списки обслуженных паломников с указанием их количества;
   - копии документов, подтверждающих получение виз в КСА;
   - копии договоров с отелями, расположенными в КСА;
   - копии договоров с авиаперевозчиками.
8. Копии договоров с авиаперевозчиками и отелями категории не ниже 3 звезд, расположенными в Королевстве Саудовская Аравия, на срок не менее одного года.
9. Подтверждение отсутствия жалоб от паломников и случаев ненадлежащей организации умры в Королевстве Саудовская Аравия (гарантийное письмо).
10. Копии договоров страхования паломников, выезжающих в Королевство Саудовская Аравия, включая медицинское страхование и страхование рисков, связанных с срывом умры, на срок не менее года.
11. Копии договоров на трансфер паломников в Королевстве Саудовская Аравия.
12. Проект договора с паломниками об оказание услуг паломничества;
13. Гарантийное письмо, подписанное руководителем и заверенное печатью юридического лица, подтверждающее достоверность сведений в представленных документах и ответственность юридического лица за них.
14. Готовность туристических компаний заключить соответствующие гражданское-правовые сделки с Духовным управлением мусульман Кыргызстана.
15. Все копии документов должны быть заверены печатью юридического лица; документы, составленные на иностранном языке, должны сопровождаться нотариально заверенным переводом на кыргызский или русский язык.
16. Все документы должны быть представлены в запечатанном конверте с описью содержимого.

**Документтер КМДБнын кеңсесинде кабыл алынат.**
**Дарегибиз:** Бишкек ш., Жибек Жолу пр., 264/3
*(Болжолдуу дарек: Башкы «Имам Сарахсий» мечити)*

**Байланыш телефондору: (0505) 20-40-30, (0551) 20-40-30.**

**Эскертүү:** "Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Сауд Араб Падышалыгына умра зыяратын уюштуруучу катары укук КМДБга берилген. Сауд Араб Падышалыгына умра зыяратын уюштурууну каалаган туристтик компаниялар КМДБнын аккредитациясынан өтүп келишим түзбөстөн, тиешелүү мыйзам чегинде иш кагаздарын бүтүрбөстөн умра уюштуруу мыйзам бузуу экенин эскертебиз жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 142-беренесине ылайык жоопко тартыларын эскертебиз.

С/О 753

---

КЫРГЫЗ БАНКЫ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

**Улуттук банктын автоматташтырылган тооруk системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга эл аралык ачык сынакка сынак боюнча билдирмелерди (сунуштарды) берүүнүн акыркы мөөнөтү узартылгандыгы жөнүндө жарыялайт.**

Сынак боюнча документтер **2025-жылдын 16-сентябрында саат 17.00гө чейин** сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынак боюнча сунуштар **2025-жылдын 19-сентябрында саат 14.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2025-жылдын 19-сентябрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү, 101** дареги боюнча каралат.

**Бардык уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66-91-55 телефон номери же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.**

---

КЫРГЫЗ БАНКЫ

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

**уюлдук телефондорду (смартфондорду) сатып алуу боюнча ачык республикалык сынак жарыялайт.**

Сынак боюнча документтер **2025-жылдын 16-сентябрында саат 17.30га чейин** сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынакка чейинки конференция **2025-жылдын 10-сентябрында саат 15.00дө** өтөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2025-жылдын 19-сентябрында саат 14.30га чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт. Кароого Улуттук банктан кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде сынак документтерин алган катышуучулардын сунуштары кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2025-жылдын 19-сентябрында саат 14.30да Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү, 101** дареги боюнча каралат.

**Бардык уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66-91-55 телефон номери же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.**

---

## Филиал "Бишкек-Мээрим" ОАО "Айыл Банк"

**объявляет о реализации списания основных средств (ОС) и малоценных быстроизнашивающихся предметов (МБП) не пригодных для дальнейшего использования в Банке.**

Вышеуказанные товары реализуются полным списком, который можно приобрести в филиале "Бишкек-Мээрим" ОАО "Айыл Банк" Минимальная стартовая цена **820 сом.**

Прием и регистрация заявок по реализации товара производится филиале "Бишкек-Мээрим" ОАО "Айыл Банк" по адресу: **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 48/1,** окончательный срок подачи заявок **до 14.00 часов 29 сентября 2025 года**. Дата вскрытия заявок **30 сентября 2025 года,** время вскрытия **14.00 часов,** место вскрытия филиал "Бишкек-Мээрим". В заявке необходимо указать: *ФИО покупателя, предлагаемую цену контактный телефон.* Победители будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты, подавшие заявки ранее.

С/О 752

---

Общество с ограниченной ответственностью «Демо» (ОсОО «Демо»),

*ИНН 00508201310030,*

***уведомляет о принятии Протокола №1 от 31.07.2025 г. и Решения №1/2025 от 31.07.2025 г. о начале процедуры добровольной ликвидации.***

**Назначен ликвидатор:** Ысмаилова Перизат Мамасалиевна. Кредиторы и иные заинтересованные лица могут предъявить свои требования в письменной форме в течение **двух месяцев** с момента публикации настоящего объявления по адресу: **Кыргызская Республика, Баткенская область, Кадамжайский район, г. Кадамжай, ул. Пролетарская, 12.**

**Контактное лицо: Ысмаилова Перизат Мамасалиевна, конт.номер +996 (777) 666-617.**

Н-451

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 27-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №5-Б "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КЛАССИФИКАЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

### БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 3-главада (Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы):

- "Финансылык активдер" (32) категориясындагы "Финансылык ички активдер" (321) тобу төмөнкү берене, беренече жана элементтер менен толукталсын:

"

| | |
|---|---|
| 3219 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби |
| 32191 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү каражаттары |
| 321911 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебинен каражаттардын келип түшүүсү |
| 32191110 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебинен каражаттардын келип түшүүсү |
| 321912 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебине каражаттарды которуу |
| 32191210 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебине каражаттарды которуу |

";

- 3-главада (Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясын колдонуу тартиби):

- "Финансылык активдер" (32) категориясындагы "Финансылык ички активдер" (321) тобу төмөнкү берене, беренече жана элементтер менен толуктасын:

"- 3219 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби

Бул берене Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебинен каражаттардын келип түшүүсүн жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебине каражаттарды которууну камтыйт";

"- 32191 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү каражаттары";

"- 321911 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебинен каражаттардын келип түшүүсү

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсебинен бюджетке түшүүчү каражаттар кирет. Каражаттар бюджетке Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын жеңилдетүү эсеби менен иштөө жөнүндө жобого ылайык багытталат";

